**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**Акад. Дж. АЛЫШБАЕВ атындагы ЭКОНОМИКА ИНСТИТУТУ**

Диссертациялык кеңеш Д.08.13.004

Кол жазма укугунда
**УДК: 631.1(575.2)**

**Омурзаков Сатыбалды Ашимович**

# РЫНОК МАМИЛЕЛЕРИНИН ШАРТЫНДА АЙЫЛ ЧАРБАСЫН БАШКАРУУНУ ТЕСКӨӨ МЕХАНИЗМИН ӨРКҮНДӨТҮҮ (түштүк региону боюнча)

08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу
(экономика жана ишканаларды, тармактарды, комплекстерди уюштуруу жана башкаруу)

Экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2013**

**Диссертациялык иш Экономика жана ишкердик университетинин «Экономика» кафедрасында аткарылган, Жалал-Абад шаары.**

**Илимий кеңешчи:** экономика илимдеринин доктору, профессор **Абдымаликов Кыдыр Абдымаликович**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор **Джумабаев Калил Джумабаевич**

экономика илимдеринин доктору, профессор **Зулпукаров Аманкул Зулпукарович**

экономика илимдеринин доктору, профессор **Жумабаев Жамалгазы Жумабаевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Академик М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык Университетинин «Экономика жана бизнес» кафедрасы, 714018, Ош ш., Н. Исанов көч., 81.

Диссертациялык иш 2013-жылдын 25–декабрында саат 14.00 дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын акад. Дж. Алышбаев атындагы Экономика институтунда экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн түзүлгөн Д. 08.13.004 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265а, диссертациялык зал (1-кабат).

Диссертациянын кол жазмасы менен Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.
Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265 а.

Автореферат 2013-жылдын «23» - ноябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, э.и.д. : С.Е. Савина

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилденген теманын актуалдуулугу.** Рынок экономикасынын шарттарында өлкөбүздүн экономикасында, анын тармактарында жана ишканаларда болуп жаткан өзгөрүүлөр, агрардык өндүрүштүк комплексинин моделдери менен механизмдерин, анын ичинде башкарууну жөнгө салуу механизмин да өзгөртүүгө жана аларды өркүндөтүүгө сөзсүз түрдө алып келет.

Агрардык өндүрүштү башкарууну тескөө механизмдерин өркүндөтүү маселесине түздөн-түз байланышы бар, келечекте агрардык өндүрүштү өнүктүрө турган приоритеттик негизги маселелер төмөнкүлөр:

- өнүгүүнүн инновациялык жолуна акырындап өтүү менен өндүрүштүк потенциалды натыйжалуу пайдалануу. Агрардык өндүрүштүн натыйжалуу өнүгүүсүнүн негизги шарты жаратылыштык, материалдык, финансылык, эмгек жана башка ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу жана башкаруу;
- айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуу уюшулган экономикалык моделин, башкача айтканда, чарба жүргүзүүнүн прогрессивдүү формаларын өздөштүрүү;
- регионду, аймактык адистешкен айыл чарба зоналарына бөлүштүрүүнү уюштурууну өркүндөтүү. Бул маселе өндүрүштү, жер жана эмгек ресурстарын натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу, өндүрүшкө салынган каражаттардын кайтарымдуулук жана өнүгүүнүн келечектүүлүк критерийи боюнча дыйканчылык менен мал чарбачылык тармагын адистештирүүнү жана туура жайгаштырууну уюштуруу аркылуу ишке ашат;
- агрардык өндүрүшкө кооперация жана интеграция принциптерин практика жүзүндө ишке киргизүү, буга карата башкаруу принциптери да өркүндөйт.

Агрардык өндүрүштүк системанын жөнгө салуу негизинен интуицияга, тескөө тажрыйбасына жана традицияларга таянган ыкмалардын жардамы менен ишке ашып келген. Бирок мындай жагдай, рынок экономикасынын жана коомдун өнүгүшүнүн азыркы этаптарынын талаптарына жооп бербейт.

Экономиканын азыркы шартында өндүрүштү уюштурууда жана жөнгө салууда, анда болуп жаткан өзгөрүүлөргө өзгөчө жана ыкчам реакция берүүчү жаңы мамилелер менен ыкмалар керек. Андыктан өндүрүштү уюштурууну жана жөнгө салууну өркүндөтүүнү гана талап кылбастан, алардын абалын максатка багытталган, үзгүлтүксүз, кайталангыс жана мыйзам чегиндеги сапаттуу өзгөртүү процессинин өнүгүүсүн камсыздоо зарыл.

Бүгүнкү күндүн талаптарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жооп берүүчү, агрардык өндүрүштүк системанын башкарууну тескөө механизмин түзүү милдети, айрыкча аны системалык көз караш менен караганда, учурда чечиле элек. Илимий техникалык прогресстин күндөн күнгө өсүп жаткан талаптарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алсак, татаал уюмдашкан системаны башкаруунун жалпы маселелерин изилдөө азыркы учурдун талаптарына жооп бербейт. Өнүгүү процесси эч качан токтобойт, ошондуктан анын ар бир

этабында, экономикалык системаны башкаруунун ошол этапка тиешелүү механизмдерин түзүү керек.

Агрардык ишканаларда башкаруу маселелерин изилдөө, негизинен, прикладдык изилдөө менен гана чектелип келинет. Мындай изилдөө, методикалык жактан башкаруу маселелеринин жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн системалык түрдө камтыбайт.

Коомдук өнүгүүнүн учурдагы этабы жана илимий техникалык прогресстин жетишкен деңгээли, айыл чарба ишканаларынын башкаруу механизминин натыйжалуу иштөө жана өнүктүрүү концепциясынын бүтүндөй методологиясын иштеп чыгуу зарылдыгын алдыңкы планга коюуда. Андыктан өндүрүштүк түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, ага байланыштуу маселелерди формалдык жана формалдык эмес методдордун шартталган өз ара байланыштарын камтуу менен башкаруунун инструментариясын негиздөөнүн; натыйжалуулуктун критерийлерин тандоонун; башкаруунун функцияларынын түзүмүн, мазмунун жана байланышын аныктоонун; башкаруу механизминин структурасын түзүүнүн; башкарууну маалыматтык, аналитикалык, болжолдук жана эсептик камсыздоонун маселелерин системалык түрдө чечүү зарыл. Жогоруда айтылган маселелердин бардыгы агрардык экономикалык системаны башкарууну тескөө механизмин теориялык жана методологиялык жактан өркүндөтүү жоболорун комплекстүү иштеп чыгуунун, диссертациялык изилдөөнүн логикасын, багытын, алдыга койгон максатын, милдеттерин жана темасын тандоонун актуалдуулугуна байланышкан.

**Проблеманын изилденишинин абалы.**

Агрардык экономикалык системаны башкарууну изилдөөдө чет өлкөлүк, россиялык жана борбордук азиялык окумуштуулардын зор салымы бар, алар И.Атофер, Л.Брю Стенли, Р.Кэмбелл, Л.Эрхард, И.Берг, Р.Дженсон, А.В. Чаянов, Н.Д. Кондратьев И.Д. Лаптев, С.М. Маслов, М.И. Туган-Барановский, А.Н. Челинцев, А.И.Алтухов, В.Г.Афанасьев, Г.И. Будылкин, А.А. Никонов, И.Г. Ушачев, Г.И. Шмелов В.М. Глушков, Н.Н. Моисеев, С.А. Абдильдин, А.А. Сатыбалдин, Г.А. Калиев, М.Б. Кенжегузин, С.С. Гулямов ж.б..

Экономикабыздын агрардык секторун башкаруу механизминин ар түрдүү маселелерин илимий изилдөөдө республикабыздын көрүнүктүү окумуштуулардын: Койчуев Т.К., Лайлиев Ж.С., Орузбаев А.О., Балбаков М.Б., Исманов А.И., Мусакожоев Ш.М., Абдымаликов К.А., Исраилов М.И., Идинов К.И., Акназарова Р.К., Рахматов А.Р., Джаилов Ж.С., Жумабаев Ж.Ж., Джумабаев К.Ж., Токтомаматов К.Ш., Маматурдиев Г.А., Абиджанов С. А, Зулпукаров А.З., А.А., Закиров А.З. жана башкалардын илимий эмгектери жарык көргөн.

Бирок рынок экономикасынын шарттарында айыл чарба өндүрүшүн натыйжалуу башкарууну өркүндөтүүнүн методологиялык жана методикалык маселелери биздин республикада жетишээрлик изилденбеген. Алдыңкы методдорду колдонууга негизделген башкаруунун натыйжалуулуктарынын критерийлерин аныктоочу ыкмалардын теориялык жана методологиялык

маселелери толук иштелип чыга элек.

Агрардык ишканаларды башкарууну изилдөө ар түрдүү көптөгөн багыттар жана ыкмалар менен жүргүзүлүп жатат. Ошол эле учурда коомдун болуп көрбөгөндөй тез өнүгүшү жана рынок экономикасынын өнүгүүсүнүн бүгүнкү абалы, башкаруунун маалыматтык жана интеллектуалдык потенциалын колдонуунун натыйжалуулугун бир канча жогорулатууну алдыңкы планга коёот жана ошонун негизинде агрардык өндүрүштү башкарууну жаңы сапаттагы деңгээлге алып чыгат.

Агрардык өндүрүштүн өзгөчөлүгү рынок экономикасынын өнүгүүсүнүн ар бир этабында, анын башкаруу механизмдеринин ошол этапка ылайык иштелип чыгышын жана түзүлүшүн талап кылат. Илимий жана практикалык көз караштa караганда, башкаруу механизмин натыйжалуу өркүндөтүүнүн көптөгөн аспектилери, айыл чарба өндүрүшүндөгү региондук өзгөчөлүктөргө байланыштуу, методологиялык жана методикалык жактан жетишээрлик изилденбегендиги диссертациялык изилдөөнүн темасын аныктоого өбөлгө түздү.

**Диссертациялык теманын негизги илимий-изилденүүчү иштер менен байланышы.** Диссертациялык илимий изилдөө 2013-2017 - жылдарга Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүү стратегиялык программасынын, Экономика жана ишкердик университетинин “Экономика” жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин “Экономика жана ишкердик” факультетинин илимий-изилдөө тематикасынын планынын алкагында жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты, учурдагы экономиканын жана илимий техникалык прогресстин жетишкендиктеринин деңгээлинин талаптарына жана шарттарына жооп берүүчү, агрардык экономикалык системаны башкаруу механизмдеринин өнүгүү комплексинин теориялык жана методикалык абалын жана шартын негиздөө менен республикабыздын ички жана сырткы рыногунда атаандаштыкка туруштук берүүчү, айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү камсыз кылуучу агрардык өндүрүштү башкарууну тескөөнү өркүндөтүү боюнча илимий жактан негизделген сунуштарды иштеп чыгуу.

Бул максатты жана милдеттерди ишке ашырууда төмөндөгү маселелерди чечүү керек:

-рынок шартында айыл чарбасын башкарууну тескөөнү өркүндүтүүнүн теориялык аспектилерин жалпылоо;

-теориялык жана методикалык аспектилерде башкарууну тескөөнүн жалпы позициясын жана ошондой эле айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен агрардык экономикалык системаны тескөө механизминин өнүгүшүнүн чечүүчү негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо жана негиздөө;

-айыл чарба ишканаларын башкаруунун рыноктук структурасын негиздөө;

-башкарууну тескөө механизминин рыноктук экономикалык моделин иштеп чыгуу;

-региондук башкаруу органдарын өркүндөтүү жана оптималдаштыруу;

-структуралык – функционалдык талдоонун (анализдин) негизинде айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык башкаруунун функцияларынын курамын, алардын өз ара байланыштарын жана мазмунун аныктоо;

-башкаруу механизминин маалыматтык системасынын элементтеринин жалпылоочу жана интеграциялоочу мүнөзүнүн, маанисинин жана ордунун объективдүү зарылдыгын негиздөө жана анын өзгөчөлүктөрүн айыл чарба ишканаларына ылайыкташтырып изилдөө;

-агрардык өндүрүштү башкарууну тескөөдө болжолдоонун маанисине жана ордуна баа берүү, аны системалык түрдө ишке ашыруу үчүн методологиялык жоболорун негиздөө жана түзүп чыгуу;

-рынок экономикасынын шарттарында айыл чарба ишканаларын натыйжалуу башкарууну маалыматтар менен камсыз кылуунун жолдорун тактап көрсөтүү жана аныктоо, ошондой эле анын маселелерин изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети**: учурдагы коомдун өнүгүүсүнүн жана илимий техникалык прогресстин жетишкендиктеринин деңгээлинин талабына жана мүмкүнчүлүктөрүнө дал келүүчү, агрардык экономикалык системанын башкаруу механизмин өнүктүрүү жана өркүндөтүү.

**Изилдөөнүн объектиси**: агрардык ишканаларды башкаруунун системасы. Изилдөөнүн базасы Кыргыз Республикасынын түштүк регионунун айыл чарба өндүрүшү.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизи** экономика жана табият илимин фундаменталдык изилдөө позициясында каралуучу маселелердин түрдүү аспектилерин камтуучу илимий багыттардын кеңири спектри болуп саналат. Илимий ишти изилдөө процессинде агрардык экономикалык системаны башкарууну тескөө маселесине байланышкан биздин жана чет элдик авторлордун илимий эмгектери изилденип талдоолор жүргүзүлдү.

Башкаруу теориясы, системалардын теориясы, ситуациялык талдоо, математика, статистика, эконометрика, операцияларды изилдөө, информатика, экономикалык-статистикалык талдоо, экономикалык, математикалык жана башка моделдештирүүнүн методдору аркылуу изилденүүчү маселелердин изилденген жыйынтыгы каралды жана жалпыланды.

**Изилдөөнүн маалыматтык базасы**. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикасынын расмий маалыматтары, КР айыл чарба жана суу чарба министрлигинин маалыматы, КР түштүк регионунун областтары менен райондорунун статистикалык маалыматтары, айыл чарба ишканаларынын маалыматтары, републикалык жана чет элдик илимий публикациялар, интернет торчосунун маалыматтары, тиешелүү мыйзамдык жана ченемдик (нормативдик) документтер, концепциялар, программалар ж.б.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациядагы илимий жаңылыктар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- башкаруунун натыйжалуулугун өркүндөтүүчү рыноктук механизминин өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү теориялык жоболор иликтенип

жалпыланды;

- айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен маалыматтык жана интеллектуалдык ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну жогорулатуунун негизинде, айыл чарбасын тескөө жана башкаруу механизминин өнүгүшүнүн чечүүчү мыйзамченемдүүлүктөрү жана негизги багыттары теориялык жактан өркүндөтүлдү;

- агрардык ишканаларды тескөөнүн жана башкаруунун рыноктук структуурасынын концептуалдык схемасы негизделди;

- башкарууну тескөө механизминин рыноктук модели сунушталды;

- региондук башкаруу органдарын өркүндөтүү жана оптималдаштыруу боюнча жоболору иштелип чыгылды жана сунуштар берилди;

- айыл чарбасын башкарууну тескөө механизминин маалыматтык система бөлүктөрүнүн түзүлүшүнүн методологиялык негизи түзүлүп жана анын интеграциялоочу жана жалпылоочу мааниси аргументтештирилди;

- айыл чарбасын башкарууда болжолдук байкоо жүргүзүүнүн мааниси жана орду аныкталды жана ошондой эле аны көзөмөлдүк - изилденүүчүлүк жолу менен, аны ишке ашыруунун методологиялык жоболору иштелди;

- сезондук жалпы индикаторлордун спектринин негизинде, башкаруунун кээ бир функцияларын (болжолдоону, пландоону, көзөмөлдөөнү, талдоону жана оперативдик башкарууну) ишке ашырууда, агрардык өндүрүштүн сезондук ыкмасын алгоритмдештирүү жана аны апробациялоо (колдонуу) сунушталды.

**Илимий изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациянын теориялык жоболору, методологиялык ыкмалары жана жыйынтыктары айыл чарба өндүрүшүн башкаруу тескөөгө байланышкан илимий иштеп чыгууларга жана өнүктүрүүгө кызмат кылат. Экономикалык системасы агрардык ишканалардын өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча өндүрүштү башкарууну тескөө механизминин илимий жактан негизделген багыттарын жана жолдорун толук аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Башкарууну тескөө механизминин жоболорун изилдөө, түрдүү формадагы жана типтеги агрардык ишканалардын башкаруу системасынын түзүү, өндүрүштүк өсүү практикасында илимий изилдөө процесстерине колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Маалыматтык жана эсеп – аналитикалык жактан камсыздоону башкарууну уюштуруу методологиялык ыкмалары айыл чарба ишканаларында эле колдонулбастан, аларды тейлөөчү маалымат – аналитикалык борборлорду жана тиешелүү тармактарды уюштурууда жана иштетүүдө кеңири колдонулушу мүмкүн. Болжолдоонун системасын камсыз кылууга багытталган методологиялык жоболордун комплекси практикалык мааниге ээ. Өндүрүштүн вектордук критериясынын негизинде жыйынтыктоо жана колдонуунун байланышкан изилдөөлөр, агрардык экономикалык системаны башкаруу ыкмаларын системалаштырууну ишке ашырууну камсыздоого багытталган.

**Алынган илимий жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Аг-

рардык өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, анын тескөө жана башкаруу механизмин өркүндөтүүгө байланышкан илимий маселелерди иштеп чыгуу жана анын жыйынтыктарын практика жүзүндө ишке ашыруу, агрардык өндүрүштүн чыгымдарын кыскартуунун негизинде анын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк түзөт.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөр агрардык ишканалардын интеллектуалдык жана маалымат ресурстарынын кайтарымдуулугун максималдаштыруу максатында, башкаруунун формалдык жана формалдык эмес методдорунун (ыкмаларынын) композициясын бир багытка максат коюп түзүүдө жана натыйжалуу пайдаланууда база катарында кызмат кылат.

**Коргоого алып чыгуучу диссертациянын негизги жоболору:**

-агрардык өндүрүштү башкарууну тескөөнүн теориялык – методологиялык аспектилери;

-чарба жүргүзүүнүн жаңы шарттарында башкарууну уюштурууну өркүндөтүү маселелери жана айыл чарба субъектилеринин тескөө структуралары;

-айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен маалыматтык жана интеллектуалдык ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну жогорулатуунун негизинде, агрардык экономикалык системаны башкарууну өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын теориялык негизи;

-агрардык ишканаларды тескөөнүн жана башкаруунун рыноктук структурасы;

-башкарууну тескөө механизминин рыноктук моделин иштеп чыгуу;

-региондук башкаруу органдары;

-жалпыланган сезондук индикаторлордун спектринин негизинде, тескөөнүн жана башкаруунун кээ бир функцияларын (болжолдоону, пландоону, көзөмөлдөөнү, талдоону жана оперативдик башкарууну) ишке ашырууда, агрардык өндүрүштүн сезондук мыйзам ченемдүүлүктөрүн колдонуу ыкмасын алгоритмдештирүү жана аны апробациялоо (колдонуу) маселелери.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

-автор тарабынан илимий, экономикалык эмгектерди талдоонун негизинде агрардык өндүрүштү башкарууну тескөө механимдерин түзүүнүн, иштетүүнүн жана өркүндөтүүнүн илимий – теорияык негиздери изилденген жана жалпыланган;

-агрардык экономикалык системалардын учурдагы абалына терең анализ жүргүзүлгөн жана чарба жүргүзүүнүн прогрессивтүү формаларын түзүүгө конкреттүү сунуштар берилген;

-агрардык ишканаларды башкаруунун рыноктук структурасынын концептуалдык схемасы негизделип түзүлдү;

-бирдиктүү маалымат системасын жүзөгө ашыруу жана өндүрүштү башкаруу чечимдеринин оптималдуу варианттарын иштеп чыгуу максатында ири айыл чарба субъектилеринин дыйкан(фермердик) чарбалардын, кооперативдердин, акционердик коомдордун, ассоциациялардын деңгээлинде виртуалдык торчонун түзүлүшү иштеп чыгылды ;

-жөнгө салуу механизминин рыноктук модели сунушталды;

-чарба жүргүзүүнүн жаңы шарттарында башкарууну уюштурууну өркүндөтүү маселелери каралды жана айыл чарба субъектилеринин башкаруу структураларынын схемасы, ири ишкананын, экономикалык кенешинин жобосу иштелип чыгылды жана сунушталды;

-региондук тескөө жана башкаруу органдарын жакшыртуу максатында областтык айыл чарба бөлүмүн жоюу жана округдук, райондук деңгээлде экономикалык кеңешти түзүү сунушталды;

-агрардык экономикалык системаны башкарууну тескөөдө болжолдук байкоо жүргүзүүнүн (прогноздук мониторингдин) мааниси, орду аныкталды жана ошондой эле болжолдоонун дайыма көзөмөлдүк - изилденүүчүлүк жолу менен, аны ишке ашыруунун методологиялык жоболору иштелип чыгылды;

-диссертациядагы башкарууну өркүндөтүүгө байланышкан изилдөөлөрдүн сунуштары иш жүзүндө Жалал-Абад областынын Сузак районунун "Ырыс" аймагында "Аймактык экономикалык кеңеш жөнүндө жобо", Ош областынын Кара–Суу, Жалал-Абад обласынын Сузак райондорунун жергиликтүү администрациясында "Райондук экономикалык кеңеш жөнүндө жобо" ишке киргизилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыгын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары: Эл аралык илимий-практикалык конференция (Стамбул, 2003); "Экономические, социальные и правовые проблемы тюркоязычных стран и пути их решения" (Турция, 2004); "Тюркоязычные страны: взаимодействие и сотрудничество"(Турция, 2005); «Түрк тилдүү өлкөлөр: бири бири менен болгон байланыштар жана кызматташуулар» (Стамбул, 2005); «Стратегия модернизациям экономики: проблемы и пути перехода на инновационное развитие» (Бишкек, 2008); VI эл аралык түрк дүйнөсү, социалдык илимдер конгресси "Түрк дүйнөсүндөгү актуалдуу маселелер жана аларды чечүүнүн жолдору" (Стамбул, 2009); «Исраиловские чтения» Ысык-Көл форумунда (Чолпон-Ата, 2011); Социал билимдер конгресси (Стамбул, 2011); «Проблемы экономики и современного менеджмента» (Новосибирск, 2012) аттуу эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, семинарлардажана ошондой эле, илимий популярдуу журналдарда, монографияларда каралган.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациянын темасы боюнча бардыгы болуп 65 илимий эмгек, анын ичинен: 4 монография, 2 окуу методикалык китеби, 59 илимий макала, жалпы көлөмү 75,4 б. т. жарыяланган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертация киришүүдөн, 4 баптан, корутундудан, 238 колдонулган илимий адабияттардан жана 3 тиркемеден турат. Диссертациянын көлөмү 315 бет, 27 таблица, 55 сүрөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** изилденген теманын актуалдуулугу негизделип, проблеманын изилденишинин абалына мүнөздөмө берилген, изилдөөнүн максаты жана милдеттери ошондой эле изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери көрсөтүлгөн, изилдөөнүн илимий жаңылыгы аныкталып, илимий изилдөөнүн практикалык жана алынган илимий жыйынтыктардын экономикалык мааниси такталган.

**Изилдөөнүн биринчи бабы "Айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмдеринин теориялык негиздерине"** арналып, агрардык өндүрүштүн теориялык – методологиялык аспектилери, рыноктук шартта агрардык ишканаларды башкаруу механизминин натыйжалуу иштөөсүнүн жана аны өркүндөтүүнүн илимий - теориялык жагдайлары каралган.

Айыл чарбасын башкарууга таасир этүүчү көптөгөн факторлор өтө баалуу, а мааниси боюнча чексиз. Ошондой эле факторлорду баалоо жана идентификациялоо өзгөчө татаал. Ошондуктан тажрыйбанын жана илимий изилдөөнүн негизинде гана башкаруу чечимин кабыл алууда кээ бир учурларда күтүлбөгөн, оптималдуу эмес минималдуу жыйынтыктарга алып келет. Ошондой эле социалдык-экономикалык чөйрөнүн күтүүсүз (өзгөчө) динамикалык өзгөрүшү топтолгон тажрыйбаны натыйжалуу пайдалануунун мүмкүнсүздүгүн пайда кылат. Ошентсе да тажрыйба жана сезүү ыкмалары азыр деле өзүлөрүнүн маанисин жоготпостон, жетишээрлик маалыматтын көлөмүнүн чектелген шартында башкарууда кеңири колдонулуп келет.

Жогоруда белгиленген кыйынчылыктар заманбап башкаруу ишмердүүлүгүнө таандык жана ошондой эле коомдук өнүгүүнүн тенденциясын эске алсак, келечекте барган сайын кыйынчылыктар көбөйөт. Учурда башкарууну тажрыйба жана сезүүнүн негизинде гана ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү толугу менен өзүн актап бүттү. Буга кошумча башкаруу ишмердүүлүгүнүн эсептик, аналитикалык (талдоо), маалыматтык жактан өнүгүүсү учурда революциялык мүнөзгө ээ, тактап айтканда, натыйжалуу башкаруунун талаптарына толук жооп берет.

Тескөө процессин функционалдык көз караш менен окуп үйрөнүү аркылуу башкаруу ишмердүүлүгүнүн маңызын ачып берүүгө жетишебиз. Башкаруу эмгегин бөлүштүрүүнүн натыйжасында башкаруу функциялары пайда болгон. Башкаруу функцияларын алгачкы изилдөөчүлөрүнүн бири француз окумуштуусу А. Файоль болгон. Ал өзү белгилеп кеткен функциялардын (алдын ала көрө билүү, пландаштыруу, уюштуруу, координациялоо, көзөмөл) жыйындысын административдик функциялар деп аныктаган.

Башкаруу принциптери көптөгөн экономисттердин изилдөөлөрүнүн предмети болуп келген. Ар түрдүү максаттарга таянып, окумуштуулар мазмуну боюнча да, саны боюнча да ар түрдүү принциптерди сунуштап келишүүдө. Аларда башкаруунун объективдүү мыйзамдарынын жана практикасынын аракеттери чагылдырылган, мындан тышкары, менеджменттин конкреттүү системасына, структуралык уюштурулушуна

коюлуучу талаптар аныкталган.

Аталган талаптарга таянып, башкаруу органдары түзүлөт жана ишканалар менен мамлекеттин ортосунда өз ара байланыштар орнотулат. Башкаруунун принциптерин тереңирээк изилдөөнү 20-кылымдын башында А. Файоль жүргүзгөн. Ал тарабынан башкаруунун 14 принциби аныкталган, алардын көпчүлүгү ушул күндө да өз маанисин жоготкон эмес.

Башкаруунун методдорунун багыты дайыма бирдей, башкача айтканда, эмгек ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрүн аткарган адамдарга багытталат. Ушуга байланыштуу башкаруунун төмөнкүдөй методдорун бөлүп кароого болот:

- түздөн-түз директивалык көрсөтмөлөргө негизделген уюштуруучулук
- административдик методдор;
- экономикалык стимулдар менен шартталган экономикалык методдор;
- кызматкерлердин социалдык активдүүлүгүн жогорулатуу максатында колдонулуучу социалдык-психологиялык методдор.

«Башкаруу механизми» - агрардык экономикада көп колдонуучу категория, бирок бул категория акырына чейин аныктала элек. Биз башкаруу механизмин – башкаруу иш аракеттеринин (ишмердүүлүгүнүн) тескөө тартиби жана мазмуну, анын этаптарынын жана процесстеринин биринен экинчисине акырындык менен өтүүсүн аныктоочу принциптердин системасы, жолдору, ченемдүүлүктөрү (нормативдери) - деп билебиз. Демек, экономикалык системаларды жөнгө салуу механизми – бул башкаруу системаларынын түзүлүү тартибин, иштөөсүн жана алардын ички түзүлүшүн башкаруунун тиешелүү методологиясы менен аныктоочу татаал жана көп баскычтуу (иерархиалык) система.

Эгерде агрардык экономикалык системаны тескөөгө карата колдонулган «механизм» - деген түшүнүк жөнүндөгү айрым илимпоз ойчулдардын көз карашын алсак, маселен А.Е.Романов - эмгекте «уюштуруу жана башкаруу – чарбалык механизмдин байланышкан эки органикалык бөлүгү» деп эсептейт, ал эми «чарбалык механизм» деген категория башкарууга караганда алда канча кеңири мааниге ээ экендигин айгинелейт. Ал болгону «чарбалык механизм», «экономикалык механизм», «уюштуруу механизми» категорияларын айырмалап түшүнүү керектигин көрсөткөн.

Агрардык экономикалык системаны жөнгө салуу жана башкаруу механизминин экономикалык жана уюштуруучулук аспектилери өтө эле ар түрдүү. Бул башкаруу түрлөрү конкреттүү формада чагылдырылат.

Маселен Ф.С.Мартинкевич, В.П.Василенко, Е.С.Оглаблин ж.б. чарбалык механизмди өндүрүштүк-экономикалык жана социалдык-экономикалык өсүш деңгээлдери аркылуу көрсөтүшөт да чарбалык механизмдерди төмөнкү элементтерге бөлүүшөт: пландоо; экономикалык кыймылдаткычтар жана кызыктыруулар; чарбалык органдардын уюштуруу боюнча түзүлүшү жана алардын иштөө ыкмасы менен стили; эмгек жамааттарынын өндүрүштү башкарууга катышуусунун түрдүү формалары. Ал эми А.А Никоновдун эмгектеринде агроөнөр жай өндүрүшүнүн жана анын чарбалык механизминин негизги багыттары баса көрсөтүлөт, алар

адамдын приоритеттүүлүгү, системалуулугу, кооперация, эмгегине жараша маяна, чарба жүргүзүүнү уюштуруунун формасынын көп кырдуулугу.

Рынок экономикасы жана коомдук өнүгүүнүн өсүү деңгээли менен агрардык экономикалык системаны тескөө жана башкаруу механизминде маалыматтык жана адам факторунун ролун жогорулатуу максатында интеллектуалдык маселеси абдан маанилүү. Башкаруу системасында маалыматтык механизм бөлүгү катары кирүү менен, анын бириктирүүчү жана жалпылоочу компоненти катарында колдонулат. Демек, башкаруу деген - эң башкысы тиешелүү маалыматтык процесстердин комплекси. Мындай көз караштарды - башкаруудагы маалыматтардын ордун - көпчүлүк окумуштуулар колдошот, мисалы, О.С. Виканский, О.И.Наумов: «Азыркы учурда башкаруу системасында маалыматтык системанын ролу кескин өстү» - деп эсептешет.

Агрардык ишканаларды башкарууну тескөө механизминин түзүлүшүн шарттоочу жана аныктоочу негизги факторлору 1.1- сүрөттөгү схемада көрсөтүлөт.




**1.1-сүрөт. Агрардык ишканаларды башкаруу механизмин тескөөнү аныктоочу негизги факторлор.***

**Автор түзгөн.*

Рыноктун шарттарында талаптарга жооп бере ала турган агрардык-экономикалык системаны башкарууну тескөөмеханизмин түзүүгө болобу жана ал үчүн керектүү шарт барбы? Биздин оюбузча, ага далилдүү жооп берүүгө болот, биринчиден, муну учурдун экономикалык турмуш чындыгы өзгөчө талап кылууда, демек, мындай механизмдерди түзүүгө коомдук зарылдык бар, экинчиден, башкаруу системасындагы илимий иштеп чыгууларды ишке ашырууга болот, үчүнчүдөн, экономикалык - математикалык ыкмалардын, маалыматтык технологиялардын, жетишкен

деңгээли мындай башкарууну тескөө механизмдерин практикалык иш жүзүндө ишке ашырууга мүмкүндүк берет, төртүнчүдөн, айыл чарба практикасында моделдештирүүнү колдонуунун аз да болсо жетишээрлик тажрыйбасы топтолгон.

Башкарууда негизги орун чечим кабыл алуучу тараптарга тиешелүү. Алар башкаруу системасынын алдында максат, милдеттерди аныктоодо, коомдук керектөөгө жана иштөө шартына жооп берүүгө, анын ишине шартталган ресурстук жана башка чектөөлөрдү түзүүдө чечүүчү орунду ойнойт. Максаттарды, милдеттерди жана чектөөлөрдү сөзсүз түрдө толук өлчөмдө болбосо да, маалыматтык - аналитикалык блокту эске алуу менен аткаруучуларга жеткизүү керек.

Рыноктук шартта агрардык ишканаларды натыйжалуу башкарууну камсыз кылуу үчүн илимий техникалык прогресстин жетишкендиктерине таянып, маалыматтарды, каражаттарды жана методдорду (ыкмаларды) башкарууну тескөөнүн жаңы деңгээлинде колдонуусуна өтүүгө жооп берүүчү автоматташтырылган башкаруу системасы аркылуу ишке ашуучу башкаруу механизмин түзүү талапка ылайыктуу.

Жыйынтыгында, башкарууну тескөөдө натыйжалуулук көйгөйү - бул өндүрүш чыгымдары менен андан алынган жыйынтыктын «баалуулугунун» катышын аныктоо. Бул натыйжалуулуктун негизги катары тиешелүү көрсөткүчтөрдү колдонуу менен бааланган экономикалык натыйжалуулук болуусу зарыл экендигин билдирет.

Башкаруу тескөө системасынын экономикалык натыйжалуулугун төмөнкү мүнөздөмөлөрдүн негизинде аныктоого болот: продукциянын өздүк наркын төмөндөтүүдөн пайда болгон жылдык сарамжалдоо (экономия); жылдык экономикалык натыйжа; чыгымдардын натыйжалуулугу (эффективдүүлүгү).

Айыл чарба ишканаларынын экономикалык натыйжалуулугунун эсептөө методикасы аркылуу төмөнкү көрсөткүчтөрдү колдонсок максатка ылайыктуу: дүң продукциясынын жандуу жана затташтырылган эмгек чыгымдарына болгон катышы; сатылган продукциянын жандуу жана затташтырылган эмгек чыгымдарынын катышы, таза кирешенин жандуу жана затташтырылган эмгек чыгымдарынын катышы; продукциянын рентабелдүүлүгү; негизги каражаттардын жана нормаланган 1сом материалдык жүгүртүү каражаттарынын рентабелдүүлүгү; ишканаларга салымдардын рентабелдүүлүгү жана экономикалык натыйжалуулугу.

Башкаруу тескөө иши - бул, эң оболу, маалыматты максаттуу иштеп чыгуу болгондуктан анын натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнө анын маалыматтык натыйжалуулугун чагылдыруучу көрсөткүчтөргө сөзсүз киргизүү керек. Анткени маалымат системасынын экономикалык натыйжалуулугу анын түз жана кыйыр натыйжалуулугунан түзүлөт. Анын биринчиси ишти оптимизациялоо жана автоматташтыруу менен маалыматты иштетүүгө кеткен чыгымды азайтуу, ал эми экинчиси тескөө системанын ишмердүүлүгүндөгү түпкү жыйынтыктары.

Агрардык өндүрүштү натыйжалуу башкарууда азыркы заманда илимий

техникалык прогресстин жетишкендиктеринин кеңири спектрин системалык түрдө колдонуусуз мүмкүн эмес. Маселен башкаруунун интуитивдик ыкмаларынан көбүнчө маалыматтык-аналитикалык ыкмаларына өтүү бүгүнкү күндүн объективдүү зарылчылыгы болуп саналат. Агрардык экономиканын жөнгө салуу методологиясынын башталгыч пункту, азыркы учурдун маалымат технологияларына жана илимий жетишкендиктерине негизделген аналитикалык-эсеп моделдери менен чарбалык операцияларынын комплекстерине шартталган башкаруунун аракетинин негизинде көйгөйлөрдү системалык изилдөө болушу керек. Чарба жүргүзүүнү уюштуруунун көйгөйлөрүн изилдөөдө, системалык ыкма практикалык иш жүзүндө макро деңгээлде гана колдонулбастан, ишкананын өндүрүштүк процессинде да колдонулушу зарыл. Агрардык өндүрүштөгү системалык ыкма, өндүрүштү экономикалык уюштуруу талаптарына гана шартталбастан табигый илимдердин комплексин колдонуу мүмкүнчүлүгүн түзөт.

**Изилдөөнүн экинчи бабында - “Чарба жүргүзүүнүн рыноктук шарттарында башкарууну тескөөнү уюштуруу негиздери жана проблемалары”** каралып, чарбалык деңгээлде тескөөнү уюштуруу жана аны өркүндүтүү, агрардык өндүрүш системасын башкарууну тескөө фактордук көрсөткүчтөрүн түзүү жана анын өзгөчөлүгү изилденди.

Агрардык сектордун рынок мамилелерине өтүү процесси 20 жылды өзүнө камтыса дагы ойлогондой натыйжаны берген жок жана өнүгүү темпи экономиканын башка тармактарына салыштырмалуу төмөнкү деңгээлде калууда.

Рынок экономикасына өтүү шарттарында айыл чарбасында менчиктин жаңы формаларын ишке киргизүү процесси өтө татаал болгондуктан көптөгөн катачылыктар менен тура эмес чечимдердин кабыл алынышы коштоп турат. Алсак, биздин республикада мамлекеттик жана коллективдик менчиктерди менчиктештирүүдө, дыйкан чарбалардын массалык түрдө уюштурууда көптөгөн катачылыктар кетирилген. Бул процессте, айыл чарба өндүрүшүнүн кайра уюштурууда объективдүү жана субъективдүү факторлор эске алынган эмес. Иштеп жаткан нормативдик актылар менен укуктук базалар рынок экономикасынын талабына жооп бере алган эмес. Финансы, салык, кредит жана инвестиция саясатынын маселеси жетишерлик түрдө чечилбеген.

Мамлекетибизде бүгүнкү күнгө чейин рынок мамилелеринин объективдүү мыйзамдарына негизделген айыл чарбасын өнүктүрүүнүн илимий негизделген концепциясы жетишээрлик деңгээлде иштелип чыккан эмес. Ошондуктан айыл чарбасындагы болуп жаткан реформалар локалдык жана фрагменттик мүнөзгө ээ.

Агрардык өнөржай комплексиндеги экономикалык реформаны өндүрүштүк күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин өнүгүү деңгээлин, дыйканчылык менен мал чарбасынын абалын жана кыргыз элинин менталитетин эске алуу менен комплекстүү ишке ашыруу зарыл эле.

Дүйнөлүк масштабда болуп жаткан өнүккөн өлкөлөрдөгү экономикалык реформалар натыйжалуу өндүрүштүк системаны түзүүгө

багытталган. Алсак, мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү Англияда, Германияда, Японияда, Францияда, Италияда өкмөттүн көзөмөлү менен жөнгө салынган.

Англияда 80-жылдарда кирешеси аз, рентабелдүүлүгү төмөн мамлекеттик ишканалар менчиктештирилген. Алардын ордуна мурдагы жумушчу орундары сакталып рентабелдүүлүгү жогору боло турган менчик ишканалар түзүлгөн. Инвестиция кирешесиз ишканаларга эмес, натыйжалуу ишканаларга жумшалган. Жыйынтыгында өлкөнүн экономикасынын өсүү темпи болуп көрбөгөндөй көтөрүлгөн.

Японияда экинчи дүйнөлүк согуштан кийин башталган менчиктештирүү процессии бүгүнкү күнгө чейин жүрүп жатат. Мындай жагдайда мамлекеттик жер участогунун белгилүү бир бөлүгүндө темир жолдо, аба транспорттору, телекоммуникациясы, почта, финансы системасы жана аскер өнөр-жай комплекси толугу менен сакталган.

Кытайда менчикти реформалоо мамлекеттик ишканаларды коммерциялык структураларга өткөзүү жолу менен ишке ашырылып, ишканаларды акырындап рыноктун шарттарына көндүрүштү. Ал эми Кыргызстанда кээ бир реформаторлор айтып чыгышты, рыноктук атандашуу механизимин түзүлүшүнүн натыйжалуулугу менчиктештирүү процессинин ылдамдыгына тыгыз байланыштуу. Эгерде менчиктештирүү процесси узак мөөнөткө созулса, анда экономиканын натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизет жана экономикалык реформаларды кечеңдетет. Бирок, акыркы ондогон жылдардын практикасы көрсөткөндөй менчиктештирүү кыска мөөнөттө ишке ашыруу экономиканын натыйжалуулугун көтөрө алган жок. Жаңы менчик ээлери рынок механизимдерин өздөштүүрө албай жана дагы чарба жүргүзүүчү субъектилердин ортосундагы атаандаштыкты тез аранын ичинде түзө алышбады. Менчиктештирүүнүн кыска мөөнөттө ишке ашышы өндүрүштү автоматтык түрдө чарба жүргүзүүнүн натыйжалуу жолуна түшүрө алган жок жана инвестициялар тартылбаган. Натыйжада өндүрүштүн техникалык базасын жаңылоо, өндүрүштү уюштурууну жакшыртуу жана өндүрүштө капиталдардын агып келүү темптери агрардык тармакта болуп көрбөгөндой төмөндөп кетти.

Экономикалык системаны трансформациялоо качан гана бул системанын натыйжалуулугу өскөндө, жаңыдан түзүлгөн чарба жүргүзүүчү субъектилердин экономиканын тармактарынын натыйжалуулугу жогорулаганда ийгиликтүү ишке ашты деп эсептелинет. Ал эми биздин республикада айыл чарбасын реформалоону ишке ашырууда көптөгөн катачылыктар кетирилген. Мунун негизинде ички дүңпродукцияда айыл чарбанын үлүшү төмөндөп кеткен жана кризистик абал сакталып калган. Өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларынын көлөмүнүн сомго алгандагы өсүшү улуттук валютанын инфляцияга кабылгандыгы менен аныкталат. Мында жагдайды төмөндөгү 2.1- таблицасынан көрүүгө болот.

Айыл чарбасы приоритеттүү тармак катары айрыкча 2008-2012-жылдары айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн орточо жылдык өсүшүн 6,2% га жеткизип, 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 164665,4 млн. сомдук

продукция өндүрүп чыгарган, анын ичинде дыйканчылык 84526,6 млн. сомду, мал чарбасы 80138,8 млн. сомду түзөт, же болбосо 2011-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 114,0%га өскөн, 14,0% өсүштү берген. Ошондой эле дыйканчылык 112,3%га өсүп 12,3% өсүштү берсе, мал чарбачылыгы 112,7%га өсүп 12,7% өсүштү берген.

**2.1-таблица. Кыргызстандын айыл чарбасындагы негизги көрсөткүчтөрдүн динамикасы.**

| Көрсөткүчтөр | 1993 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарба боюнча дүң продукциясы көлөмү, млн.сом | 3283,3 | 112099,6 | 111283,9 | 115068,3 | 14921,6 | 167505,3 |
| Айыл чарбасы, млн. сом | 3021,2 | 110294,1 | 108784,8 | 112495,3 | 144381,4 | 164665,4 |
| Анын ичинде: өсүмдүк чарбачылыгы | 1197,5 | 63137,5 | 59547,9 | 59620,4 | 75299,7 | 84526,6 |
| мал чарбачылыгы | 1823,7 | 47156,6 | 49236,9 | 52874,9 | 71081,7 | 80138,8 |
| Айыл чарбасында тейлөөлөр | 230,1 | 1723,0 | 2288,7 | 2527,9 | 2622,2 | 2622,2 |
| Аңчылык жана токой чарбасы | 32,0 | 82,5 | 210,4 | 45,1 | 218,1 | 218,1 |
| 100 гектар айдоонун дүң продукциясы, миң сом | 2169,3 | 9505,6 | 9301,0 | 9818,9 | 124552,4 | 14125,9 |
| Иштеген жумушчулардын орточо жылдык саны, миң адам | 938,2 | 742,9 | 718,5 | 699,1 | 700,2 | 688,2 |
| Эмгек өндүрүмдүүлүгү, миң. сом/адам | 43,5 | 148,4 | 151,4 | 160,9 | 206,2 | 239,2 |

*Булагы "Кыргызстандын айыл чарбасы". 1995., 2013- жж.*

Ички дүң продукциядагы айыл чарба продукцияларынын үлүшү 2012-жылы 25,3% түзүп 2008-жылга салыштырмалуу 3,2% кыскарган. Ал эми айыл чарбасында иштеген жумушчулардын орточо жылдык саны 2012-жылы 688,2 миң адамдга жетип 1993-жылга карата 250,0 миң, 2008-жылга 54,7 миң жумушчуга кыскрган. Эмгек өндүрүмдүүлүгү 2012-жылы 239,2 миң сом/адам башына туура келип 2012-жылга салыштырмалуу 90,8 миң сомго көтөрүлгөн.

Айыл чарба продукцияларынын көлөмүнүн көбөйүшү чарба жүргүзүүчү субъектилердин, айрыкча дыйкан (фермердик) чарбалардын санынын, инфляциянын, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жана түшүмдүүлүктүн өсүшүнүн эсебинен болгон.

Изилдөө көрсөтүп тургандай айыл чарба продукцияларынын бардык түрлөрү боюнча көбөйгөнүнө карабастан, иштеген жумушчулардын орточо жылдык санына салыштырганда кескин азайып кеткен, бул болсо агрардык өндүрүштүн натыйжалуулугунун төмөдүгүн тастыктайт.

Айыл чарба субъектилеринин түзүмүндө республика боюнча, ошондой эле түштүк регионунда мамлекеттик жана жамааттык чарбалардын үлүшү өтө эле төмөн (2% жетпейт), ал эми дыйкан (фермердик) чарбалардын үлүшү орто-эсеп менен алганда 98-99 пайызды түзөт.

Дыйкан (фермердик) чарбалардын кескин көбөйүп кетиши, ири чарбаларга салыштырмалуу товар өндүрүмдүүлүгү 2,0-3,0 эсеге төмөн, өндүрүлгөн продукциялардын өздүк наркынын бир канча эссе жогору болгон эл аралык стандартка туура келбеген майда товар өндүрүүчү чарбалардын пайда болушуна алып келди жана ошондой эле жер аянтынын орточо көлөмү 1,5-2,0 гектарга барабар.

**2.2-таблица. Кыргыз Республикасында жана түштүк регионунда ар кандай формадагы субьектилердин өсүшү**

| № | Чарбалык субьектилер | 1993 | 2000 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Республика боюнча-бардыгы** | 16451 | 301935 | 326740 | 319667 | 331632 | 345113 | 357227 |
| | анын ичинде: | | | | | | | |
| 1. | Мамлекеттик чарба | 192 | 111 | 135 | 71 | 64 | 65 | 60 |
| 2. | Жамааттык чарба | 449 | 1124 | 4211 | 781 | 509 | 556 | 525 |
| 3. | Фермердик жана жеке ишкердик чарбалар | 15810 | 300700 | 322394 | 318815 | 331059 | 344492 | 356642 |
| | **Түштү региону боюнча-бардыгы** | 8904 | 30729 | 168134 | 164460 | 162167 | 168621 | 172563 |
| | анын ичинде: | | | | | | | |
| 1. | Мамлекеттик чарба | 97 | 38 | 55 | 59 | 56 | 58 | 54 |
| 2. | Жамааттык чарба | 265 | 347 | 2067 | 533 | 296 | 350 | 353 |
| 3. | Фермердик жана жеке ишкердик чарбалар | 8542 | 30344 | 166012 | 163868 | 161815 | 168213 | 172156 |

*Булагы "Кыргызстандын айыл чарбасы". 1995., 2013- жж.*

Көрүнүп тургандай, 2.2-таблицасында реформанын алгачкы 20 жылында 641 колхоз-совхоздун ордуна 356,6 миңден ашуун фермер чарбалары, 60 мамлекеттик чарба, 525 айыл чарба кооперативдерди түзүлгөн. Ал эми түштүк региону боюнча 172156 дыйкан чарбалары, 54 мамлекеттик

чарба жана 353 жамааттык чарба иш алып барат. Дыйкан (фермер) чарбалардын бардык категориядагы чарбалардагы салыштырма салмагы 98,8 % түзөт.

Бул болсо, айыл чарбасында натуралдык чарбалар өндүрүлгөн продукцияларынын дүң чыгарылышынын көлөмү боюнча толугу менен үстөмдүк кыла бергенди билдирет. Маселен, 2012-жылы товардык продукция боюнча чыгышалуу ишканалардын салыштырма салмагы ишканалардын жалпы санына карата 27,8% түзүп, же болбосо 131,3 млн. сомдук чыгышаны түзгөн. Ошондой эле чыгышалар өткөн жылдарда дагы болуп келген. Биздин сунушубузда агрардык экономикалык системаны башкарууну тескөөнүн негизинде жеке менчик дыйкан (фермер) чарбаларды ирилештирүүгө, аларга мамлекеттик жардам берүү менен бирге айыл чарбасын туруктуу өнүгүүсүн камыз кылууга болот.

Түштүк региондун областтары боюнча айыл чарба продукцияларын дүң чыгаруу жана алардын түзүмү төмөндөгүчө: Ош областындагы мамлекеттик жана жамааттык чарбалар өндүргөн продукция 458,1 млн. сомго барабар болсо, жалпы өндүрүлгөн продукциянын 1,6%ын түзгөн, анын ичинде: дыйканчылык 387,1 млн. сом жана 2,6%; мал чарбасы 71,0 млн. сом жана 0,5%, ошондой эле дыйкан (фермердик) чарбаларда 14036,7 млн. сом жана 48,2 %, анын ичинде: дыйканчылык 10870,1 млн. сом жана 73,1%; мал чарбасы 3166,6 млн. сом жана 22,3 %, жеке чарбаларда 14595,7 млн. сом жана 50,2 %, анын ичинде: дыйканчылык 3633,3 млн. сом жана 24,4%; мал чарбасы 10962,4 млн. сом жана 77,2%ды түзгөн. Жалал-Абад областы боюнча мамлекеттик жана жамааттык чарбалар өндүргөн продукция 787,1 млн. сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн продукциянын 2,7%ын түзгөн, анын ичинде: дыйканчылык 487,8млн. сом, жана 2,8%; мал чарбасы 229,3 млн. сом жана 2,5%, ошондой эле дыйкан (фермердик) чарбаларда 16354,8 млн. сом жана 55,6%, анын ичинде: дыйканчылык 9459,4 млн. сом жана 54,3%; мал чарбасы 6895,4 млн. сом жана 57,6 %, жеке чарбаларда 12249,9 млн. сом жана 41,7%, анын ичинде: дыйканчылык 7473,4 млн. сом жана 42,9 %; мал чарбасы 4776,5 млн. сом жана 39,9%. Баткен областында мамлекеттик жана жамааттык чарбалар өндүргөн продукция 73,7 млн. сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн продукциянын 0,4%ын түзгөн, анын ичинде: дыйканчылык 35,7млн. сом, жана 0,4%; мал чарбасы 38,0 млн. сом жана 0,5%, ошондой эле дыйкан (фермердик) чарбаларда 10414,1 млн. сом жана 63,0%, анын ичинде: дыйканчылык 6252,2 млн. сом жана 70,0%; мал чарбасы 4116,9 млн. сом жана 54,7%, жеке чарбаларда 6052,4 млн. сом жана 36,6%, анын ичинде: дыйканчылык 2643,84 млн. сом жана 29,6%; мал чарбасы 3408,65 млн. сом жана 44,8%.

Айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө мамлекеттик жана жамааттык чарбалардын үлүшү республиканын масштабында жана түштүк регионунда төмөндөп кеткендиги, айрыкча мал чарба тармагында Баткен жана Ош областтарында байкалат, дыйкан (фермердик) чарбалардын үлүшүндө дыйканчылыкта Жалал-Абад областынын, ал эми мал чарбасында Ош областынын үлүшү төмөн экендиги көрүнүп турат, ошондой эле жеке

чарбалар боюнча Ош жана Баткен областтарынын үлүшү төмөн. Ошондуктан өндүрүлгөн продукциялардын көлөмүн кеңейтүү жана өндүрүштүн натыйжалуулгун жогорулатуу үчүн ири мамлекеттик жана жамааттык (акционердик коомдорду, жамааттык-дыйкан чарбаларды жана кооперативдерди) чарбаларды уюштуруу жана алардын башкаруу механизмдерин өркүндөтүү зарыл.

Областтык статистикалык маалыматтарга таянып дыйкан(фермер) чарбалардын санынын түштүк аймагы боюнча 2011-жылы 2000-жылга салыштырмалуу 5,4 эсеге өскөндүгүн эске алсак, анда дыйкандарга бөлүнгөн айдоо аянтынын 179,1 % га, өскөндүгүн, ал эми айдоо аянттарынын орточо көлөмүнүн 7,9 гектардан 2,5 гектарга төмөндөп кеткен. Ал эми айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү 34170,9 млн. сомду түзүп 4,7 эсеге өскөндүгүн жана ошондой эле айыл чарба продукцияларынын үлүшү 2000-жылы 47,9 %, ал эми 2010-жылы 52,3 % өскөндүгүн байкайбыз. Эгерде дыйкан (фермердик) чарбалардын негизги көрсөткүчтөрүн областтар боюнча алсак, анда Ош областында дыйкан (фермердик) чарбалардын саны 4,5 эсеге, ал эми аларга бөлүнгөн айдоо аянты 199,2 миң гектарды түзүп -2.4 эсеге өскөн. Ошондой эле айдоо аянтынын орточо көлөмү 2000-жылы 4,7 га, ал эми 2011-жылы 2,6 гектарды түзгөн, айыл чарба продукцияларынын өндүрүлгөн көлөмү 12579,2 млн.сомду төзүп 4,3 эсеге өскөн, айыл чарба продукцияларынын үлүшү 38,8 %дан 43,2 %га жеткен. Жалал-Абад областында дыйкан(фермердик) чарбалардын саны 10,2 эсеге, дыйкан чарбаларга бөлүнгөн айдоо аянты 174,8 миң гектарды түзүп 145,4 % га өскөн, айдоо аянтынын орточо көлөмү 2000-жылы 14,3 гектардан, ал эми 2011-жылы 2,0 гектарга туура келген, айыл чарба продукцияларынын өндүрүлгөн көлөмү 15695,5 млн.сомду түзүп 5,4 эсеге өскөн, айыл чарба продукцияларынын үлүшү 45,9 % дан 53,4 % га чейин жеткен, ошондой эле Баткен областында дыйкан(фермердик) чарбалардын саны 6640ка жетип, 154,5 % га өскөн, дыйкан чарбаларга бөлүнгөн айдоо аянты 52,9 миң гектарды түзүп 148,5 % га өскөн, айдоо аянтынын орточо көлөмү 2000-жылы 8,3 гектарды түзсө, ал эми 2011-жылы 7,9 гектарды түзгөн, айыл чарба продукцияларынын өндүрүлгөн көлөмү 5896,2 млн.сомго жетип 4,2 эсеге өскөн, айыл чарба продукцияларынын үлүшү 59,4 % дан 46,3 % га төмөндөгөн.

Түштүк аймагындагы дыйкан (фермердик) чарбалардын өндүргөн продукцияларынын үлүшү жалпы өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларынын 47,9 % туура келет.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, жаңы түзүлгөн айыл чарба субьектилери, анын ичинен дыйкан (фермер) чарбалары материалдык-техникалык жактан камсыздоодо жана өндүргөн продукцияларын сатып-өткөрүүдө ишеничтүү системанын жоктугунан өздөрүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн иш жүзүнө ашыра албай келишүүдө.

Рынок экономикасына өтүү шарттарында айыл жерлеринде менчик мамилеринин калыптанышы дыйкан (фермердик) чарбалардын, кооперативдердин жана алардын ассоциациясынын түзүлүшү менен коштолушу керек эле. Бирок, тилекке каршы чарба жүргүзүүнүн

калыптануусунун түрдүү формаларынын өнүгүүсү үчүн көптөгөн шарттар түзүлө элек. Айыл жеринин инфраструктурасы дыйкан (фермердик) чарбаларды өз-алдынча тейлөөгө мүмкүнчүлүгү жетпейт.

Ошондуктан дыйкан (фермердик) чарбалар дайыма мамлекеттик колдоого муктаж. Демек, мындай жагдайда, дыйкан (фермердик) чарбалардын жана кооперативдердин ассоциациясы түзүлүшү келечектүү жана ошондой эле анын артыкчылыгы майда чарбаларды бириктирип, ири чарбалык өндүрүштүн мүмкүнчүлүгүн пайдалануу бүгүнкү күндүн тартиби.

Анткени рыноктук шартта чарбаларды, башкача айтканда ири өндүрүштүк комплексттерди башкаруу системасынын борборлоштурулбаган ыкмасын колдонуу максатка ылайыктуу.

Башкарууну борборлоштурбоо чарбанын бөлүмдөрү коммерциялык өз алдынчалыкка ээ болгондо жана ошондой эле финансы жыйынтыктары боюнча көзөмөлдөөнү жогорку тараптагы жетекчилер жумшак рейтингде өткөзгөндө гана ишке ашат.

Ошондуктан башкарууну тескөөдө учурдун талабына жооп берген рыноктук структурасын табуу үчүн, чарбалык саясатты жана биргелешкен стратегияны иштеп чыга турган, борборлоштурбай оперативдик башкарууну жөнгө сала алган системасын түзүүбүз зарыл.

Башкарууну жөнгө салуунун рыноктук функцияларын күчтөндүрүү максатында маркетингдик кызматты, иштин сапатын көзөмөлдөө, маалымат жана персоналдар менен иштөө кызматын кеңири колдонууну сунуштоо учурдун талабына ылайыктуу. Ишкананы тескөөнү уюштуруунун структурасын проектирлөөдө ички чарбалык рыноктук бөлүмдөрдүн концепциясын колдонуу учурдун талабына жооп берет. Мында стратегияны иштеп чыгууну борборлоштуруу жана аны ишке ашыруу процессин борборлоштурбоо принциби, ыкчам жана ийкем башкарууну камсыз кылууну, бардык деңгээлдеги менеджерлерди ишке тартууну толугу менен ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Рыноктук ички чарбалардын бөлүмдөрүнүн концепциясын колдонуу менен башкарууну уюштуруу структурасынын принципалдуу схемасын сунуштайбыз. Көп тармактуу акционердик коомду башкарууну уюштуруу структурасынын негизин диверсификацияланган ишкананын концептуалдык модели түзөт. Мындай мамиле чарбаны башкарууну борборлоштурбоону талап кылат жана төмөндөгүлөргө мүмкүндүк берет:


- тышкы чөйрөнүн өзгөрүшүнө жараша адекватившдүү жана оперативдүү өзүнүн мамилесин көрсөтө турган башкаруунун заманбап уюштуруу структурасын түзүү;
- ишмердүүлүктү стимулдоого, ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга, ишканалардын жана алардын бөлүмдөрүнүн экономикалык кызыкчылыктарга жана жоопкерчиликтерге багытталган башкаруунун рыноктук экономикалык механизмин өздөштүрүү;
- узак мөөнөткө ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна мүмкүндүк берүүчү башкаруунун стратегиялык системасын ишке ашыруу;
- жогорку жетекчилерди өндүрүштү оперативдүү башкаруу менен

байланышкан күнүмдүк жумуштан бошотуу;

- продукциялардын түрүн көбөйтүүгө, өндүрүштүн ийкемдүүлүгүн көтөрүүгө жөндөмдүү айыл-чарба ишканаларынын жумушчу-кызматкерлерин ишмердүүлүк иш аракеттерине тартуу.

Башкарууну тескөөнүнжаңы түзүмүнө өтүү жогорку жетекчиликтин аткарган функциясын түп тамырынан бери өзгөртөт. Акырындык менен өндүрүштү оперативдүү башкаруудан оолактап, ишкананын финансысын жана экономикасын стратегиялык башкарууга негизги күч аракеттерин багыттайт.

Эксперттик жана максаттарды структуризациялоо методдорун колдонуп, айыл чарба ишканаларын башкаруунун концептуалдык рыноктук структуурасы иштелип чыгылды (2.1-сүрөт).




**2.1-сүрөт. Айыл чарба ишканаларын башкаруунун концептуалдык рыноктук структурасы*** **Автор түзгөн.*

Ар бир рыноктук бөлүмдүн башка бөлүмдөрдүн максаттарына көз-

карандысыз салыштырмалуу өзүнүн негизги максаты болушу керек. Ишкананын рыноктук структууралык түзүлүшүнө кичи жана башкы экономикалык кеңеш сунушталат. Сунушталган кичи экономикалык кеңеш бөлүмдөрдүн экономикасын башкаруу үчүн түзүлөт, ал эми чарба боюнча башкы экономикалык кеңеш башкаруу боюнча иш алып барат.

Кичи экономикалык кеңештин башчысы башкы экономикалык кеңешке мүчө болуп кирет. "Айыл чарба ишканаларынын кичи жана башкы экономикалык кеңеши жөнүндө" жобо айыл чарба ишканаларындагы жумушту өз ордуна коюуга жардам берет.

Экономикалык кеңештин отурумунун максаты чечилбеген жана чечиле турган маселелерди аныктоо жана аларды талдоо үчүн тиешелүү кызматтарды белгилеп, талдоонун жыйынтыгын жана сунуштарды кеңешке тапшыруу. Мындан экономикалык кеңеш бир нече маселелерди чечүүгө мүмкүндүк алат.

Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн башкаруу системасына жаңы мамилелер талап кылынат.

Кээ бир ишкананын жетекчилери экстраполяция методу менен ишкананын келечеги кыйын экендигин билип, стратегиялык пландоого, башкаруунун рыноктук механизмине өтө башташты. Мындай көрүнүш ири чарбаларда байкалат.

Негизги көңүлдү ишкананын келечегин аныктап, анын өндүрүштүк потенциалын талдоого жана продукциялардын атаандаштыгын күчөтүүгө бура башташты.

Эгерде ири акционердик коомдун өнүгүү стратегиясын аныктай турган болсок, анда негизги максат рыноктук экономика шарттарында анын ишмердигинин рентабелдүүлүгүн камсыз кылуу эсептелинет.

Бардык иш чаралар материалдарды, финансы жана эмгек ресурстарын, жерлерди жана технологияларды натыйжалуу бөлүштүрүүгө жана колдонууга багытталган ишмердүүлүктү эске алуу менен башкаруу жаңы тепкичке көтөрүлдү, анын негизин башкаруунун ички чарбалык экономикалык негизи түзөт.

Рыноктук шартта айыл чарбасын туруктуу өнүктүрүүдө өзгөчө чарбалык өндүрүштү башкаруу системасы борбордук орунду ээлейт. Ишкананы чарбалык башкаруудагы негизги функционалдык багыттарынын ичинен төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот: стратегиялык башкаруу; маркетинг; көзөмөлдөө; пландаштыруу; алдын-ала көрө билүү; болжолдоо; эмгек ресурстарын башкаруу; финансылык менеджмент; өндүрүштү башкаруу; ыкчам башкаруу жана инновация функциялары. Тиешелүү жоболордун негизинде айыл чарба ишканаларында биз сунуштаган чарбалык башкаруудагы негизги функционалдык багыттарынын натыйжалуу пайдалануу чарбалык өндүрүштү туруктуу өнүгүшүнө алып келет.

Рыноктук шартта өзгөчө стимулдоонун (дем берүүнүн) жана мотивациялоонун (умтултуунун) функциялары кызматкердин өзүнө жүктөлгөн ыйгарым укуктарын сапаттуу аткарууга кызыктырууну камсыздоого, анын эмгек потенциалынын толук иш жүзүнө ашуусуна,

экономикалык ишмердүүлүктү өзүнө кошуусуна, ден - соолукка, адептүүлүккө, чыгармачыл потенциалга, билимге, кесипкөйлүккө адамдын катышуусунун аныктоочу натыйжалуулугуна багытталган. Мотивация адамдын муктаждыктарын анын максаттарын, кызыкчылыктарын жана жеке өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен канааттандырууга негизделет. Мотивациялоонун түрдүү теориялары белгилүү: Маслоунун муктаждыктар иерархиясы; Герцбергдин эки фактордук теориясы; Мак Клемандын муктаждыктар теориясы; Альдерфордун байланыштын жана өсүүнүн жашоо теориясы; мотивациянын процессуалдык теориялары (Дж.Адамстын адилеттүүлүк теориясы, В.Врумдун күтүү теориясы, Л.Портердин-Э.Лоулердин мотивация теориясы); мотивациянын экономикалык эмес ыктары (Э.Локтун максаттарды коюу теориясы) ж.б..

Айыл эмгекчисинин эмгегине мотивацияны аныктаган маанилүү факторлордун катарына, азыркы учурда өндүрүштүк чөйрөдөгү тиешелүү көрсөткүчтөрдүн олуттуу төмөн турган айылдагы социалдык инфраструктуранын өнүгүү деңгээлин кошуу керек. Ушуга байланыштуу жаштардын сапаттуу билим алуу жана айыл калкы үчүн медициналык камсыздоо мүмкүнчүлүктөрүн өзгөчө мааниге ээ.

Рынок шарттарында өндүрүштүк инновациялык жаңылануулардын орду өтө чоң мааниге ээ болорун белгилеи кетсек болот. “Инновация” - деген түшүнүк жана анын мазмуну көптөгөн аспектилерден турат. Алдыңкы технологияларды киргизүүдөн сырткары, өндүрүштүн структурасын кайра түзүү, продукциялар менен сырьелордун (чийки заттарды) жаңы рыногуна чыгуу, башкаруунун идеологиясын, чарбанын саясатын өзгөртүү жана анын имиджин көтөрүү. Ишкананы банкротко кабылбоо үчүн дайыма жаңыланып туруусу зарыл. Мындай милдет мааниси жагынан стратегиялык багытта болуп, чарбаны башкаруучунун жоопкерчилигине жүктөлөт.

**Үчүнчү бапта - “Агрардык-экономикалык системаны жөнгө салуу механизминин структуралык-функционалдык анализине”** арналып, агрардык-экономикалык системаларды башкаруунун механизминин структуралык жана функционалдык модели каралат.

Башкаруу механизминин калыптануусуна жана иштөөсүнө, анын функцияларынын өз ара катышы жана курамы, ишке ашыруунун мазмуну жана жолдору аныктоочу таасир тийгизишет. Башкача айтканда, агрардык тармакта башкаруу, тескөө механизминин өнүгүүсү анын функционалдык мазмунунун өнүгүүсү менен түздөн-түз байланышкан. Биз кыйыр башкаруунун функцияларын айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүнүн призмасы менен моделдөөнүн методдорун жана азыркы маалыматтык технологияларын максималдуу мүмкүн колдонуунун астындагы интеллектуалдык жана маалыматтык ресурстарды ишке ашыруунун жаңы сапаттык деңгээли аркылуу карайбыз.

Учурда көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча (аныктоо ыкмаларынын, түзүмдөрүнүн, мазмундарынын, топтоолорунун жана өз ара катыштарынын айырмачылыктарынын негизинде) башкаруунун функцияларына алгачкы иштеп чыгуу, маалыматты сактоо (эсепке алуу) жана

өткөрүү; көзөмөлдөө; талдоо; пландаштыруу; кызыктыруу жана мотивациялоо кирет.

Кээ бир изилдөөчүлөр башкаруунун функцияларын, алардын маалыматтык процесстерге болгон карым-катнашынын негизинде үч топко бөлүшөт:

1) маалыматтын мазмунун кайра өзгөртүү (жана жаңы жаратуу) функциялары – анализ, болжолдоо, пландаштыруу, оперативдүү башкаруу, уюштуруу жана координациялоо, изилдөө;


2) маалымат алмашуу жана козгогучтарды жеткирүү функциясы – маалыматты өткөрүү, окутуу, стимулдаштыруу жана мотивациялоо;

3) маалыматты жыйноо, издөө, көзөмөлдөө, сактоо, маалыматты актуалдаштыруу.

Башкаруунун функцияларын бул топторго аныктоо так бөлүштүрүү болуп саналбайт, бул топтордун мазмундук жактарын да кароо керек.

Агрардык өндүрүштүн айкын эместиктери жана коркунучтары, тирүү организмдер менен иштөө жергиликтүү шарттарга жана тышкы чөйрөнүн өзгөрүүлөрүнө адаптациялануу талабы көп өндүрүштүк көйгөйлөрдү чечүүдө өзгөчө изилдөөчүлүк иштерди талап кылат.

Изилдөөлөр айыл чарбасына тиешелүү бардык маалыматтарды, анын ичинде сөзсүз көзөмөлдөө, анализ, божомолдоонун жыйынтыктарын максималдык түрдө колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө негизделиши керек. Башкаруу функцияларынын өз ара байланыштары 3.1- сүрөтүндө берилген.




**3.1- сүрөт. АЭС башкаруу механизминин фукционалдык модели***

**Автор түзгөн*

Агрардык өндүрүштү башкаруу механизминин маалымат аналитикалык блогу өз убагында зарыл сапаттуу маалыматты камсыз кылууга багытталышы керек. Түз жана кыйыр байланыштар системасынын уюштуруу жана иштөөсү башкаруунун ийкемдүүлүгүн жана оперативдүүлүгүн жетишээрлик деңгээлде колдоого мүмкүндүк берет, бул болсо агрардык өндүрүш шартында айрыкча актуалдуу.

Схемада майдалап деле берилбеген байланыштардын чагылдырылышы башкаруунун бардык функцияларынын өз ара аракеттенүүсүн көрсөтүп турат. Албетте, практикада бул байланыштар мындан да көп жана көп тараптуу, анткени жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдөн сырткары конкреттүү айыл чарбасынын мүнөздүү белгилерин жана өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Ошондуктан алардын натыйжалуулугунун жетишээрлик жогорку деңгээлин колдоо үчүн башкаруу системасынын ичиндеги бардык процесстерди да, анын тышкы чөйрө менен байланыштарын да системалык түрдө камсыз кылган бирдиктүү орган керек. Биздин оюбузча, бул маселени чечүүнү камсыздоо агрардык өндүрүштүн башкаруу механизминин маалыматтык-аналитикалык блогунун чегинде чечилүүчү көйгөйлөрдүн ичине кириш керек. Аталган блок башкаруу функцияларынын баарын ишке ашырууда катышат, анын бир бөлүгү түздөн - түз анын компетенциясына кириши керек: маалыматты чогултуу, алгачкы тазалоо (иштетүү), сактоо жана өткөрүп берүү, божомолдоо, анализдөө.

Анализдин функциясы жөнгө салынуучу системанын абалын мүнөздөөчү параметрлердин маанилеринин тигил же бул четке чыгууларынын себептерин түшүндүрүүнү камсыздоого багытталган. Албетте, параметрдик жактан толук же жарым-жартылай сыпатталган жагдайлар да анализге алынышы керек. Булардын өнүгүүсү чечимди кабыл алуу моментинде жалпы баяндалган жоромолдоо жана болжолдоонун чегинен тышкары чыгат. Иликтөө кезектеги (пландык) жана демилгеленген (чечим кабыл алуучу тарабтардан, көзөмөлдөөнүн натыйжаларынан, болжолдоодон, эсептик-аналитикалык ишмердүүлүктөн ж.б.) болуусу мүмкүн.

Анализдин натыйжалуулугу жөнгө салынуучу системанын жана анын сырткы чөйрөсүнүн абалын мүнөздөгөн пландык, нормативдик, эсептик жана отчеттук көрсөткүчтөрдүн жыйындысын натыйжалуу колдонуудан да көз каранды.

Анализди жүргүзүүдө түрдүү методдордун кеңири спектри колдонулат. «Чарбалык ишмердүүлүктүн анализи» деген аталышта изилдөөлөрдүн багыттарын түзгөн методдордун жана ыктардын тобун өзгөчө белгилөө зарыл.

Иликтөө натыйжалуулугун көтөрүү үчүн азыркы компьютердик жана телекоммуникациялык технологиялардын мүмкүндүктөрүнүн базасында иш жүзүнө ашкан түрдүү экономикалык-математикалык, статистикалык, эконометрикалык, эвристикалык методдор жана моделдер колдонулат.

**Төртүнчү бапта “Агрардык өндүрүштү башкарууну тескөөнү маалыматтык камсыздоо жана өндүрүштү алдын ала болжолдоо”** маселелерине токтолуп, айыл чарбасын башкаруу механизминин маалыматтык системалары, агрардык ишканаларды башкарууда маалымат

алуу базасын түзүү, аны камсыздоо жана эсеп – аналитикалык блокту колдонуу, агрардык өндүрүштү башкарууну алдын ала болжолдоо жана сезондук мыйзам ченемдүүлүктөрдү колдонуу жагдайлары каралган.

Заманбап маалымат технологиялары барган сайын адам ишмердүүлүгүнүн дээрлик бардык чөйрөсүндө байкалаарлык теңсиздик менен болсо да, кеңири колдонула баштады. Аларга жетишээрлик татаал системаларды башкарууда өзгөчө орун жана роль берилет. Аларды системалуу колдонуу менен экономикалык системаларды башкаруунун методологиясында олуттуу өзгөчөлүктөрдү байкоого болот.

Башкарууну натыйжалуу маалыматтык камсыздоо маселеси актуалдуу болуп, колдонулуучу маалыматтары өндүрүштүн динамикасын чагылдырышы зарыл.

Башкаруу функцияларын аткарууда эсеп-аналитикалык иштин болуу зарылдыгын эч бир теоретик же практик күмөн санабайт. Айырмачылыктар анын масштабын баалоодо, колдонулуучу куралдардын курамын, структурасын, албетте анын башкаруудагы ролун жана ордун аныктоодо пайда болот. Агрардык өндүрүштү башкаруу көйгөйлөрүнүн татаалдыгын эске алып жана изилдөөчүлөрдүн жыйынтыгына таянып, агрардык экономикалык системаны башкаруу механизминин структурасында эсеп - аналитикалык блогун бөлүү максаттуу деген тыянакка келебиз. Айтмакчы, биздин оюбузча башкаруунун автоматташтырылган маалымат системасынан жана көрсөтүлгөн эсеп - аналитикалык блогтон турган маалымат - аналитикалык блогунун механизми жөнүндө айтуу тагыраак болот.

Агрардык өндүрүштүн шартында болжолдоо иштерин системалык түрдө ишке ашыруу агрардык экономикалык системанын учурдагы заманбап маалымат коомуна интеграцияланышын талап кылат. Бирок азыркы коомдун шартында натыйжалуу болжолдоого, анын маалыматтык процесстеринин динамизми жана масштабы эске алып, илимий техникалык прогресстин жетишкендиктерин системалык түрдө колдонуу менен гана жетишүүгө болот. Буга кошумча себеп катары айыл чарба өңдүрүшүнүн өзгөчөлүгүнөн пайда болгон маселелерди - кадр көйгөйүн, методологиялык, аппараттык-программалык мүнөздөгү агрардык экономикалык системанын бөлүктөрүнүн территориялык жактан чачкындыгын жана алардын илимий борборлордон алыстыгын кошууга болот.

Болжолдоодогу жаңы илимдин, мүмкүнчүлүктөрдүн жана тажрыйбалардын пайда болушу менен анын моделине жана методдоруна карата берилген мүнөздөмө да өз убагында актуалдуулугун күчөтөт.

Болжолдоонун «даяр» моделин же «жаңы» моделди түзүүнүн багыты менен инструменттерин тандоону төмөнкү этаптар менен ишке ашырылат:

1. Болжолдоонун моделдери менен методдорунун көптүгүн түзүү;
2. Түзүлгөн көптүктөн конкреттүү моделди тандоо;
3. Болжолдоонун талаптарын же шарттарын өзгөртүүсүнө жараша болжолдоонун «жаңы» моделин түзүү.


Болжолдоонун инструменттерин тандоодо вектордук критерийлерди колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз. Бул- болжолдоонун маалымат

ресурстарын мүнөздөөчү көрсөткүчтөрдүн тобу:  курамы, көлөмү, аныктыгы, тактыгы, толуктоо мүмкүндүгү, наркы,  формасы ж.б. Болжолдоонун маалымат базасы да вектордук критерийлер менен мүнөздөлсө да, ал моделди баалоонун жалпы бир бөлүгүн түзөт. Болжолдоонун тигил же бул методдору менен моделдерин натыйжалуу колдонуу, маалыматтык камсыздоого байланыштуу болот.

Болжолдоо моделинин бир нече параллель жыйынтыктарын алуу максатында түрдүү методдорду бириктирүү зарыл. Мындай кадам башкаруунун чечүүчү тапшырмаларын чечүүдө өзгөчө максатка ылайыктуу. Паралеллдештирүү менен бирдей эле маалда эки максатка жетишибиз мүмкүн: комплекстүү болжолдоону ишке ашыруу үчүн болжолдоонун жыйынтыктарын верификациялоо (тактоо, далилдөө - идентификациялоо) керек.

Бардык болжолдоолор токтоосуз такталышы жана далилдениши  керек. Верификациянын жалпы методу ушуга дейре иштелип чыга элек,  бирок анын түрдүү ыкмалары жана алардын комбинациялары колдонулуп жатат - түз, кыйыр, эксперттик баалоолор жолу жана системалык каталардын минималдаштыруу жолу.

Башкарылуучу системанын алдына коюлуучу максаттарга карата (пландык жана нормативдик параметрлерине) жана анын иштөө шартына жараша көрсөткүчтөрдү көзөмөлгө алып туруучу, ичинде берилген көрсөткүчтөрдүн сезондук толкуну жайгашкан, белгилүү бир «коридор» берилиши мүмкүн (4.1-сүрөт). Ал сезондук индикатордун мүмкүн болуучу вариациясынын сандык чегин, сезондук толкундун формасын да чагылдырат. «Коридорду» түзүү болжолдуу мүнөзгө ээ, анткени келе турган жылдын ичинде изилденүүчү көрсөткүчтүн белгилүү бир жагдайларына жараша болжолдоолорго негизделет. Учурдагы жылдын өндүрүштүк циклиндеги көзөмөлдөнүүчү көрсөткүчтөрдүн мааниси, туура келүүчү сезондук индикатордун чоңдугу берилген «коридордон» чыгып кетсе, анда бул кандайдыр бир башкаруу чараларын көрүү үчүн белги берүү болуп саналат.




*“коридордун” жогорку чеги; б – сезондук толкун; в – “коридордун” төмөнкү чеги;    [t, T] – убакыттын бир жылдык аралыгы*

**4.1-сүрөт. Көзөмөлдөнүүчү көрсөткүчтүн сезондук толкуну.***

**Автор түзгөн.*

Агрардык өндүрүштү башкарууда изилденүүчү көрсөткүчкө, учурдагы убакытка жана жылдык мезгилге карата, эгерде сезондук мыйзам ченемдүүлүктөр сакталган шарттарда бир нече жылдык мезгилде, сезондук толкунду практика жүзүндө колдонуу алгоритмди ишке ашыруу аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

Диссертацияда жүргүзүлгөн моделдик изилдөөлөр айыл чарбасын башкарууда ишке ашырылуучу эсептик-аналитикалык ишмердүүлүктүн жөнөкөй жана анча чоң эмес фрагментин гана чагылдырат. Алардын жыйынтыгына негизделип, төмөнкү жоболорду айтууга болот:

изилденүүчү процесстердин өнүгүү динамикасына карап, сезондук моделдештирүүнү өткөзүүнүн мөөнөтүнүн өзгөрүшүн эске алуу менен, сезондук мыйзамченемдүүлүктөрдү моделдештирүү инструментин колдонуп актуалдаштыруу керек;

негизги факторлор катарында мыйзам ченемдүүлүктөрдүн базасында болжолдоочу жана көзөмөлдөөчү иш аракеттер практика жүзүндө кайсыл гана агрардык өндүрүш үчүн болбосун салыштырмалуу, жеткиликтүү жана жөнөкөй каражаттарды (мисалы Excel) колдонуу менен жүргүзүлгөн жана мындан ары колдонуучу методдор менен моделдердин кубаттуулугун кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк болот.

Диссертациялык изилдөөнүн максатына ылайык агрардык өндүрүштү башкарууну тескөөнү өркүндөтүү боюнча илимий жактан негизделген сунуштардын бири болуп региондук башкаруу, тескөө органдарын өркүндөтүүнү сушуштайбыз. Бул сушуштарды ишке ашыруу үчүн структуралык – функционалдык талдоонун (анализдин) жүргүзүлгөндүгүнүн негизинде айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык, башкаруунун функцияларынын курамы, алардын өз ара байланыштары жана мазмуну аныкталды. Ошол себептүү Кыргыз Республикасында админстративдик-аймактык реформанын натыйжалуулугун оптималдаштыруу жана жогорулатуу боюнча сунушубузда 7 облус, 40 район жана 25 шаардын ордуна 20 экономикалык жактан көз карандысыз аймактарды түзүү азыркы рыноктук шартка туура келет. Биздин сунушубузда башкаруунун үч баскычынан, эки деңгээлдүү системасына өткөрүү мамлекеттик бийликтин башкаруусун натыйжалуулугуна алып калет жана бюджеттик чыгымдарды 15-20 пайыз кыскартып 16,0 млн. сомго үнөмдөлөт. Бул үнөмдөлгөн акча каражаты дыйкандарды(фермерлерди) окутууга жана чарбаларды ирилештирүүгө жумушалмакчы.

Эң негизгиси ар бир аймак–экономикалык жактан мамлекеттик бюджетке көз кранды болбой, дотацияга эч кандай муктаж болбой, айыл чарбасынын тармактары эң натыйжалуу өркүндөтүүгө шарт түзүлмөкчү. Буга кошумча, биз сунуштаган аймактык структуралар, оптималдаштырылган рыноктук шарттарга туура келген башкаруунун структурасы кооперативдерге жана дыйкан (фермердик) чарбаларынын натыйжалуу иштөөсүнө шарт түзөт.

Агрардык өндүрүштү башкарууну мамлекеттик тескөөнүн жыйнтыгында өлкөбүздө азык-түлүк коопсуздугундагы көйгөйлөрү чечилип, айыл чарба тармагы туруктуу өнүгүүнүн жолуна түшө тургандыгын

болжолдоонун экономикалык жыйынтыгын 2020-жылга чейин сунуштайбыз.

Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформанын натыйжалуулугун оптималдаштыруу жана жогорулатуунун негизги максаты болуп айыл чарбасында мамлекеттик тескөөнү өркүндөтүү жана азык-түлүк коопсуздугундагы көйгөйлөрдү чечүү болуп саналат. Бул жагдайда мал чарбачылыгынын өзгөчө ролун, мал чарбачылыгындагы кыргыздардын салттарын, ошондой эле мал чарбасы республиканын экономикасы үчүн маанилүү фактор болуп эсептеле тургандыгын эске алуу менен, аны өнүктүрүүгө эң чоң күч аракеттерди жумшоо зарыл, анткени аларды чечүүгө бүтүндөй социалдык чөйрөнү өнүктүрүү, адам жашоосу үчүн шарттарды түзүү көз каранды. Кыргыз Республикасынын Экономикалык өнүктүрүү жана соода министрлигине караштуу Экономикалык стратегия борбору тарабынан иштелип чыккан 2020-жылга чейин Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүнүн стратегиясында жаныбарлардын башынын жана өнүмдүүлүгүнүн төмөндөгүдөй өсүү темпи караштырылган (4.1-таблица).

**4.1-таблица. 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында жана түштүк регионунда айыл чарбасынын жылдык орточо өсүшү (чарбалардын бардык категориялары)**

| Көрсөткүчтөр | 2006-2008 факт | Алдын ала маалымдоо | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2009-2011 | 2012-2014 | 2015-2017 | 2018-2020 | 2018-2020 /2006-2008-ж.ж карата,% |
| **Республика боюнча** | | | | | | |
| Малдын жана канаттуулардын башынын саны (миң баш.) | | | | | | |
| Ири мүйүздүү мал | 1119,8 | 1270,0 | 1280,0 | 1300,0 | 1480,0 | 132,2 |
| Койлор жана эчкилер | 4058,2 | 4850,0 | 5230,0 | 5500,0 | 5892,0 | 145,2 |
| Чочколор | 75,2 | 92,0 | 93,0 | 94,0 | 89,0 | 118,4 |
| Жылкылар | 350,1 | 352,0 | 353,0 | 355,0 | 358,0 | 102,2 |
| Үй канаттуулары | 4446,9 | 4600,0 | 4700,0 | 4800,0 | 4985,0 | 112,1 |
| Малдын жана канаттуулардын өндүрүмдүүлүгү | | | | | | |
| Орточо саалып алынган сүт (кг) | 2116 | 2700 | 2865 | 3300 | 3860 | 182,4 |
| Жумуртка салуу, дааналай | 125 | 137 | 143 | 155 | 165 | 132,0 |
| **Түштүк региону боюнча** | | | | | | |
| Малдын жана канаттуулардын башынын саны (миң баш.) | | | | | | |
| Ири мүйүздүү мал | 548.7 | 595,3 | 612,0 | 630,0 | 650,0 | 118,5 |
| Койлор жана эчкилер | 1866,7 | 2230,0 | 2400,8 | 2580,0 | 2700,0 | 144,6 |
| Чочколор | 7,2 | 7,5 | 8,0 | 8,7 | 10,0 | 138,9 |
| Жылкылар | 150,5 | 153,6 | 155,0 | 160,0 | 170,0 | 112,9 |
| Үй канаттуулары | 2178,9 | 2208,0 | 2250,0 | 2300,0 | 2350,0 | 107,9 |
| Малдын жана канаттуулардын өндүрүмдүүлүгү | | | | | | |
| Орточо саалып алынган сүт (кг) | 1900 | 2100 | 2200 | 2400 | 2700 | 142,1 |
| Жумуртка салуу, дааналай | 121 | 125 | 130 | 140 | 150 | 123,9 |

Булак: Булар боюнча эсептелди: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2005-2007 жж.., 51., 2020-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүн инновациялык жаңылантуунун стратегиясы . - С.70.

Келтирилген таблицадан көрүнүп тургандай, койдун башынын саны 6,0 млн. (өсүш 1,3 эсе), ири мүйүздүү мал- 1450-1500 миң баш (1,3 эсе), жылкылар-450-500 миң баш, канаттуулар-5 млн. баш, бул үйүрдүн рационалдуу структурасын, жайыттарга туура милдеттерди белгилөөгө жана эт, сүт ж.б. өнүмдөрдү өндүрүүнү бир кыйла көбөйтүүгө, алар менен ылайыктуу өнүмдөрдүн түрлөрүндө калктын керектөөлөрүн камсыз кылууну жакшыртууга жана анын экспортун кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформанын натыйжалуулугун оптималдаштыруу жана жогорулатуу боюнча сунушубуздун негизинде Кыргызстанда өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жана жаныбарлардын өнүмдүүлүгүн бир топ жогорулатууга, ошону менен өсүмдүк өстүрүүнүн дүң өнүмүн чыгарууну көбөйтүүчү реалдуу мүмкүнчүлүк бар (4.2 - таблицаны караңыз).

**4.2-таблица. 2006-2020-жж. азык-түлүктүн негизги түрлөрүн өндүрүү (миң т.)**

| Көрсөткүчтөр | 2006-2008 факт. | Алдын ала маалымдоо | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2009-2011 | 2012* 2014 | 2015-2017 | 2018-2020 | 2018/2020 / 2006/2008жж. карата, % |
| **Республика боюнча** | | | | | | |
| Дан | 1573,6 | 1672,4 | 1771,0 | 1865,0 | 1950 | 123,9 |
| Картошка | 1256,7 | 1500,0 | 1600,0 | 1700,0 | 1785 | 142,1 |
| Жашылча | 762,7 | 920,0 | 1060,0 | 1100,0 | 1250,0 | 163,9 |
| Эт тирүүлөй салмакта | 182,0 | 222,4 | 230,4 | 259,5 | 289,3 | 158,9 |
| Сүт | 1216,6 | 1398,9 | 1461,4 | 1648,9 | 1854,3 | 152,4 |
| Жумуртка млн. даана | 343,6 | 470,8 | 510,4 | 570,8 | 670,0 | 195,0 |
| **Түштүк региону боюнча** | | | | | | |
| Дан | 577,6 | 626,8 | 658,1 | 691,0 | 722,5 | 125,1 |
| Күрүч | 17,9 | 20,5 | 21,1 | 21,9 | 23,0 | 128,5 |
| Тамеки | 13,5 | 10,4 | 10,8 | 13,0 | 15,6 | 115,5 |
| Картошка | 241,6 | 286,7 | 305,8 | 324,0 | 350,0 | 144,8 |
| Жашылча | 274,4 | 348,9 | 402,0 | 420,0 | 460,0 | 167,6 |
| Пахта | 106,6 | 74,7 | 82,0 | 90,0 | 100,0 | 93,8 |
| Эт тирүүлөй салмакта | 112,7 | 108,8 | 140,0 | 170,0 | 200,0 | 177,5 |
| Сүт | 306,5 | 309,2 | 312,6 | 320,0 | 385,0 | 125,6 |
| Жумуртка млн. даана | 40,2 | 53,8 | 64,5 | 78,0 | 85,0 | 2,1 эсе |

Булак: Булар боюнча эсептелди: Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2005-2007 жж.., 51., 2020-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүн инновациялык жаңылантуунун стратегиясы. - С.69.

Келтирилген маалыматтар алдын ала маалымдалган мезгил ичинде бакча боюнча эки эседен көп, ал эми май берүүчү өсүмдүктөр, жашылчалар,

ошондой эле эт, сүт жана жумуртка өндүрүү сыяктуулар боюнча 1,5тен 2,0 эсеге чейин өсүү күтүлө тургандыгын көрсөтөт.

Жыйынтыгында айыл чарбасында рыноктук башкаруу ыкмалары киргизилип, жаңы жумушчу орундар түзүлүп, өдүрүштүн натыйжалуулугу өркүндөп айыл жергесинде жакырчылыктын деңгээли төмөндөйт.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

1. Агрардык өндүрүштү натыйжалуу башкарууну тескөө азыркы заманда илимий техникалык прогресстин жетишкендиктеринин кеңири спектрин системалык түрдө колдонуусуз мүмкүн эмес. Башкаруунун, тескөөнүн интуитивдик ыкмаларынан маалыматтык-аналитикалык ыкмаларына өтүү бүгүнкү күндүн объективдүү зарылчылыгы болуп саналат. Айыл чарбасын жөнгө салуунун методологиясынын башталгыч пункту, азыркы учурдун маалымат технологияларына жана илимий жетишкендиктерине негизделген аналитикалык-эсеп моделдери менен чарбалык операциялардын комплекстерине шартталган башкаруунун аракетинин негизинде көйгөйлөрдү системалык изилдөө болушу керек.

2. Агрардык - экономикалык системаларды башкарууну тескөө интуициялык методдорунан маалымат-аналитикалык методдоруна өтүү учурдун талабына жооп берери аныкталып, анын натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүктөр ачылат.

3. Агрардык өндүрүштү башкарууну тескөө методологиясынын башаты болуп, көптөгөн оперативдүү, тактикалык жана стратегиялык маселелерди чечүүдө көйгөйлөрдү системалык түрдө заманбап маалымат технологияларынын базасында моделдөө методдорунун кеңири спектрин колдонуу менен изилдөө керек экендиги теориялык жактан негизделди.

4. Азыркы шарттарда илимий техникалык прогресстин жетишкендиктерине таянып агрардык ишканаларды натыйжалуу башкарууну камсыз кылуу үчүн, маалыматтарды, каражаттарды жана методдорду (ыкмаларды) башкаруунун жаңы деңгээлинде колдонууга өтүүгө жол берүүчү, автоматташтырылган башкаруу системасы аркылуу ишке ашуучу башкарууну тескөө механизмин түзүү зарыл.

5. Агрардык ишканаларды башкаруунун рыноктук структурасынын концептуалдык схемасы негизделди; башкаруу механизминин рыноктук модели сунушталды; региондук башкаруу органдарын өркүндөтүү боюнча сунуштар берилди;

6. Айыл чарба өндүрүшүн башкарууну тескөөдө, өнүгүү стратегиясын иштеп чыккан, областык жана райондук башкармалыктын көзөмөлдөө - инспекциясынын кызматынын системасын түзүү функциясын аткарган, тармактар аралык мамилелерди жана бюджеттик ресурстарды (инвестицияларды, кредиттерди, бааларды, субсидияларды жана дотацияларды) аймактык башкармалыктар аркалуу жөнгө салган КР Айыл жана суу чарба министрлиги ишке ашыруу керек. Райондук агрардык

өнүктүрүү органдары финансы каражаттарын бөлүштүрүүгө жана түрдүү экономикалык методдорду (бааларды, салыктарды, каржылоону жана кредиттерди берүүнү) колдонуу менен кооперация принцибине негизделген орто жана ири чарбаларды түзүүгө катышуусу зарыл.

7. Региондук башкаруу органдарын өркүндөтүү максатында областык айыл чарба бөлүмүн жою жана округдук, райондук деңгээлде экономикалык кеңешти түзүү сунушталды, ошондой эле агрардык экономикалык системаны башкарууну тескөөдө болжолдук байкоо жүргүзүүнүн (прогноздук мониторингдин) мааниси, орду аныкталды жана болжолдоонун дайыма көзөмөлдүк - изилденүүчүлүк жолу менен, аны ишке ашыруунун методологиялык жоболору иштелип чыгылды.

8. Бирдиктүү маалымат системасын жүзөгө ашыруу жана өндүрүштү башкаруу чечимдеринин оптималдуу варианттарын иштеп чыгуу максатында ири айыл чарба ишканаларынын (дыйкан(фермердик) чарбалардын, кооперативдердин, акционердик коомдордун, ассоциациялардын) деңгээлинде виртуалдык торчо уюмун ишке ашыруу керек.

9. Агрардык экономикалык системаны башкарууну тескөө механизми - бул айыл чарбасынын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүнө жана өзгөчөлүктөрүнө жооп берүүчү жана башкаруу системаларынын ички түзүлүшүнүн, түзүлүү жана иштөө тартибинин башкаруу методологиясына ылайык аныкталуучу татаал баскычтык система. Агрардык экономикалык системанын типтеринин ар түрдүүлүгүнө карабастан, алардын башкаруу механизмдерин түзүүдө, иштетүүдө жана өркүндөтүүдө колдонулуучу бирдиктүү методологиялык ыкманы тандоону талап кылат.

10. Айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүгү, аны башкарууда маалыматтык - аналитикалык борбордун торчосун түзүүнү максатка ылайык экендигин тастыкталган. Анын функциясына агрардык экономикалык системаны маалыматтык, эсептик, аналитикалык жана болжолдук камсыздоо кызматтары камтыйт. Алар мамлекеттик статистикалык органдарда жана алардын маалыматтык эсептөөчү торчолорунда, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгында, же болбосо тиешелүү илимий мекемелерде түзүлүшү сунушталат.

11. Азыркы этапта болжолдоо, башкаруу чечимдерин кабыл алууда белгисиздик жана тобокелчилик факторлорунун таасирин төмөндөтүүгө жана башкаруу иш аракеттерин алдын ала эскертип турууга багытталган аыл чарбасын башкаруунун негизги функцияларынын бири болушу зарыл. Агрардык өндүрүштү башкарууда болжолдоонун шартталышы айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүгүнө (өндүрүштүк процесстин катышуучуларына, өндүрүштүн циклдүүлүгүнө жана сезондуулукка ж.б.) негизделет. Башкарууда болжолдонуучу иш чаралар системалык ыкмага жооп бериши керек. Буга болжолдоонун варианттуулугун, активдүүлүгүн жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылып туруучу сезондуулукту жана циклдүүлүктү колдонуу жолу менен гана жетүүгө болот.

12. Агрардык өндүрүштүн региондук башкаруу органдарын оптималдаштырууну сунуштайбыз. Бул сунуштарды ишке ашыруу үчүн

структуралык – функционалдык талдоонун жүргүзүлгөндүгүнүн негизинде мамлекеттик бюджеттин чыгымдарын азайтып, аймактык башкаруу белгиленген.

Ошол себептүү Кыргыз Республикасында админстративдик-аймактык реформанын натыйжалуулугун оптималдаштыруу жана жогорулатуу боюнча сунушубузда 7 облус, 40 район жана 25 шаардын ордуна 20 экономикалык жактан көз карандысыз аймактарды түзүү азыркы рыноктук шартка туура келет. Биздин сунушубузда башкаруунун үч баскычынан, эки деңгээлдүү системасына өткөрүү мамлекеттик бийликтин башкаруусун натыйжалуулугуна алып калет жана бюджеттик чыгымдарды 15-20 пайыз кыскартып 16,0 млн. сомго үнөмдөлөт. Бул үнөмдөлгөн акча каражаты дыйкандарды(фермерлерди) окутууга жана чарбаларды ирилештирүүгө жумушалмакчы.

Админстративдик - аймактык реформанын натыйжалуулугун оптималдаштыруужана жогорулатуу айыл чарбасынын жана улуттук экономиканы өсүүгө алып келип, азык-түлүк коопсуздугундагы көйгөйлөрдү чечүүгө жана айыл калкынын жакырчылыгынын деңгээлин төмөндөтөт.

**Тема боюнча жарык көргөн эмгектер:**

**Монографиялар:**

1. Омурзаков С.А.Становление прогрессивных форм хозяйствования и их развитие в АПК Кыргызстана[Текст] / С.А.Омурзаков, А.Исраилов.- Бишкек, 1996.-156 с.
2. Омурзаков С.А. Чарба жүргүзүүнүн жаңы шарттарында агрардык өндүрүштү башкаруу [Текст] / С.А.Омуразаков. - Бишкек, 2011. - 343 б.
3. Омурзаков, С.А. Формирование и развитие различных форм хозяйствования и их управление в сельском хозяйстве [Текст] / С.А.Омурзаков. - Бишкек, 2011. - 131 с.
4. Омурзаков С.А. Рынок шарттарында агрардык өндүрүштү башкаруу механизмин өркүндөтүү [Текст] / С.А.Омурзаков. - Бишкек, 2012. - 227 б.

**Илимий макалалар:**

5. Омурзаков С.А.Вопросы создания ассоциации фермерских и крестьянских хозяйств [Текст] / С.А.Омурзаков, К.Ш.Токтомаматов // Экономика и статистика. -1998. -№ 3. - С. 57-62.
6. Омурзаков С.А. Сельскохозяйственные кооперативы в системе АПК [Текст] / С.А.Омурзаков, К.Ш.Токтомаматов // Сб. науч. тр. - Стамбул, 2003. - С. 211-217.
7. Омурзаков С.А.Проблемы производственного обслуживания сельского хозяйства [Текст] / С.А.Омурзаков, Т.Т.Мамытов //Экономические, социальные и правовые проблемы тюркоязычных стран и пути их решения: материалы межд. науч.-практ. конф.– Стамбул, 2004. - №2. - С.13-17.
8. Омурзаков С.А. Аспекты использования трудовых ресурсов в сельском хозяйстве [Текст] / С.А.Омурзаков //Тюркоязычные страны: взаимодействие и сотрудничество: материалы межд. науч.-практ. конф. - Стамбул, 2005. - № 3. - С.313-319.
9. Омурзаков С.А.Теоретико-методологические аспекты организация кооперативов и малых сельскохозяйственных предприятии [Текст]/ С.А.Омурзаков, К.А.Раимкулов //Вестник ун-та экономики и предпринимательства. - 2008. (Спец. выпуск) - С. 40-44.
10. Омурзаков С.А. Теоретические основы организации фермерско-крестьянских хозяйств и их ассоциации в сельском хозяйстве [Текст] / С.А.Омурзаков // Экономический вестник / Стратегия модернизациям экономики: проблемы и пути перехода на инновационное развитие: материалы межд. науч.-практ. конф.- Бишкек,2008. - № 3/4. - С. 106-108.
11. Омурзаков С.А. Вопросы формирования сельскохозяйственных кооперативов в условиях рынка [Текст] / С.А.Омурзаков // Экономический вестник. -2008. - № 1. - С.20-24.
12. Омурзаков С.А.Классификация показателей в управлении аграрными производственными системами [Текст]/ С.А.Омурзаков, К.А.Раимкулов //

Вестн.ун-та экономики и предпринимательства. - 2009. - № 2. - С. 50-57.
13.Омурзаков С.А.Особенности управления аграрным производством [Текст]/ С.А.Омурзаков // Вестн.ун-та экономики и предпринимательства. - 2009.-№ 2. - С. 57-63.
14. Омурзаков С.А. Агрардык секторду рынок мамилелерине трансформациялоонун теориялык негизи [Текст] / С.А.Омурзаков // Түрк дүйнөсүндөгү актуалдуу маселелер ж-а аларды чечүүнүн жолдору: VI эл аралык түрк дүйнөсү. Социалдык илимдер конгрессинин материалдары. - Стамбул, 2009. - 1071-1079 б.
15.Омурзаков С.А. Земельная реформа в Кыргызской Республике и опыт зарубежных стран [Текст] / С.А.Омурзаков // Вестн. Ош. гос. ун-та. -2009. - № 5. - С. 188-191.
16. Омурзаков С.А. Современные формы хозяйствования и управления в сельском хозяйстве [Текст] / С.А.Омурзаков // Вестн.Ош. гос. ун-та. –2009. - № 5. - С. 191-193.
17. Омурзаков С.А. Теоретические основы формирования конкуренции в сельскомхозяйственном производстве [Текст] / С.А.Омурзаков // Вестн.Ош. гос. ун-та. -2009. -№ 4. - С. 66-68.
18. Омурзаков С.А. Теоретико-методологические аспекты управления аграрным производством [Текст] / С.А.Омурзаков // Вестн.Ош. гос. ун-та. - 2010.- № 3. - С. 176-178.
19. Омурзаков С.А. Совершенствование механизмов управления аграрным предприятияем [Текст]/ С.А.Омурзаков // Иследования, результаты. -Алматы, 2010. - №1. - С. 293-296.
20.Омурзаков С.А. Айыл чарбасында чарба жүргүзүүнүн формалары жана аларды башкаруу [Текст]/ С.А.Омурзаков // Известия НАН КР. -2010. - № 4. - С. 128-131.
21.Омурзаков С.А. Анализ особенностей управления сельскохозяйственным производством[Текст]/ С.А.Омурзаков //Вестн. Кырг. экон. ун-та. - 2010. - С. 135-137.
22. Омурзаков С.А. Айыл чарба ишканаларын башкаруудабаштапкы маалыматтарды иштетүү[Текст] / С.А.Омурзаков // Социалдык билимдер конгрессинин материалдары. - Стамбул,2011. - 751-755 б.
23. Омурзаков С.А. Агрардык экономикалык системаларды башкаруу механизминин эсеп-аналитикалык блогу [Текст] / С.А.Омурзаков // Вестн.ун-та экономики и предпринимательства. - 2011.- № 2. - С. 23-31.
24. Омурзаков С.А. Организация и управление кооперативов, малых сельскохозяйственных хозяйств и их ассоциации в сельском хозяйстве [Текст]/ С.А.Омурзаков //Иследования, результаты. - Алматы, 2011. - №1. - С. 243-248.
25. Омурзаков С.А. Организация и внедрение крестьянско-фермерской формы хозяйствования и ее управления [Текст]/ С.А.Омурзаков //Вестн. Кырг. гос. нац. ун-та им. Ж.Баласагына: Спец. вып. посвящ. Иссык-Кульскому форуму "Исраиловские чтения". -Чолпон-Ата,2011. – С. 176-179.
26.Омурзаков С.А. Баштапкы маалыматтардын айыл чарба ишканаларын

башкаруудагы орду [Текст]/ С.А.Омурзаков //Вестн. Кырг. гос. нац. ун-та им. Ж.Баласагына: Спец. вып. посвящ. Иссык-Кульскому форуму “Исраиловские чтения”. -Чолпон-Ата,2011. - С. 179-181.
27.Омурзаков С.А. Механизм организации и управления крестьянскими (фермерскими) хозяйствами в условиях рыночной отношений [Текст]/ С.А.Омурзаков // Вопросы экон. наук.–М., 2011. - №6 (51). - С. 39.- 43.
28. Омурзаков С.А. Айыл чарба ишканаларын башкарууда баштапкы маалыматтарды иштетүү [Текст] / С.А.Омурзаков // Социал билимдер конгресинин материалдары. –Стамбул, 2011. - 751-755 б.
29. Омурзаков С.А. Совершенствование экономического механизма управления сельскохозяйственным производством[Текст]/ С.А.Омурзаков //Проблемы экономики и современного менеджмента: материалы межд. науч.-практ. конф. – Новосибирск, 2012. - С. 22-28.

**РЕЗЮМЕ**

**Омурзаков Сатыбалды Ашимович**
**Рынок мамилеринин шартында айыл чарбасын башкарууну тескөө механизмин өркүндөтүү (түштүк региону боюнча)**
**08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш**


**Ачкыч сөздөр**: рыноктук механизм, башкаруунун экономикалык механизми, агрардык экономикалык система, чарба жүргүзүүчү субъектилер, башкарууну уюштуруу жана өркүндөтүү, маалыматтык система, башкаруу функциясы, божомолдоо.

**Изилдөөнүн предмети**: учурдагы коомдун өнүгүүсүнүн жана илимий техникалык прогресстин жетишкендиктеринин деңгээлинин талабына жана мүмкүнчүлүктөрүнө дал келүүчү, айыл чарбасын башкаруу механизмин өнүктүрүү жана өркүндөтүү.

**Изилдөөнүн объектиси**: агрардык ишканаларды башкаруунун системасы. Изилдөөнүн базасы Кыргыз Республикасынын түштүк регионунун айыл чарба өндүрүшү.

**Изилдөөнүн максаты:** учурдагы рыноктук экономиканын өнүгүү деңгээлинин талаптарына жана шарттарына жооп берүүчү, агрардык экономикалык системанын башкаруу механизмдеринин өнүгүү комплексинин теориялык жана методологиялык абалын жана шартын негиздөө менен, республикабыздын ички жана сырткы рыногунда атаандаштыкка туруштук берүүчү айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү камсыз кылуучу, агрардык өндүрүштү башкарууну өркүндөтүү боюнча илимий жактан негизделген сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн ыкмасы.** Диссертациялык иште изилдөөнүн экономика-статистикалык, аналитикалык, салыштырма жана системалык талдоолор жана эконометрикалык ыкмалары колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** башкаруунун натыйжалуулугун өркүндөтүүчү рыноктук механизминин өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү теориялык жоболор жалпыланды АЭСтин башкаруу механизминин өнүгүшүнүн чечүүчү негизги мыйзамченемдүүлүктөрүн жана негизги багыттарын теориялык жактан негиздөөлөр өркүндөтүлдү; башкаруу механизминин рыноктук модели сунушталды; региондук башкаруу органдарын өркүндөтүү боюнча сунуштар берилди; эсеп-аналитикалык жана болжолдоонун системынын башкаруунун функцияларынын ыкмалары сунушталды; сезондук жалпы индикаторлордун спектринин негизинде, башкаруунун кээ бир функцияларын ишке ашырууда, агрардык өндүрүштүн сезондук ыкмасын алгоритмдештирүү жана аны апробациялоо (колдонуу) сунушталды.

**Пайдалануу деңгээли:** Диссертациядагы башкарууну өркүндөтүүгө байланышкан изилдөөлөрдүн сунуштары иш жүзүндө Жалал-Абад областынын Сузак районунун "Ырыс" аймагында "Аймактык экономикалык кеңеш жөнүндө жобо", Ош областынын Кара-Суу, Жалал-Абад обласынын Сузак райондорунун жергиликтүү администрациясында "Райондук экономикалык кеңеш жөнүндө жобо" ишке киргизилди.

**Колдонуу чөйрөсү:** Башкаруу механизминин жоболору жана саалыматтык жана эсеп-аналитикалык жактан камсыздоону башкарууну уюштуруу методологиялык ыкмалары айыл чарба ишканаларында эле колдонулбастан, аларды тейлөөчү маалымат - аналитикалык борборлорду жана тиешелүү сеттерди уюштурууда жана иштетүүдө колдонууга сунушталат.

**Резюме**

**Омурзаков Сатыбалды Ашимович**

**Совершенствование регулирования механизма управления сельским хозяйством в рыночных условиях (по Южному региону)**

**Диссертация на соискание ученой степени доктора экономических наук по специальности 08.00.05– экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:**рыночный механизм, механизм управления, аграрная экономическая система, хозяйствующие субъекты, организация и развитие управления, информационная система, функция управления, прогнозирование.

**Предмет исследования:** равитие механизмов управления аграрной экономической системы, соответствующих уровню развития общества и достижениям науно-технического прогресса.

**Объект исследования:**система управления аграрных предприятий.

**Цель исследования:**теоретическое и методологическое обоснование развития механизмов управления аграрной экономической системы, отвечающих современному уровню развития рыночной экономики, научно обоснованы предложения по развитию управления аграрной экономической системы, обеспечивающей производство сельхозпродукции, способной конкурировать на внутреннем и внешнем рынках..

**Методы исследования.**В диссертационной работе использованы экономико-статистические, аналитические, сравнительные, системные и эконометрические методы исследования.

**Полученные результаты и их новизна:** теоретически обоснован рыночный механизм эффективного управления аграрным производством с учетом его особенностей; разработана концептуальная схема рыночной структуры управления аграрными предприятиями; предложена модель рыночного механизма управления; разработаны положения по развитию региональных органов управления; методологически обоснована структура информационной системы, аргументировано интегрирующее значение механизма управления аграрной экономической системы;определены значение и место прогнозного мониторинга в системе управления аграрной экономической системы, разработаны методика его применения путем контроля-исследования; предложен алгоритм сезонного подхода и его апробация в аграрном производстве при осуществлении определенных функций (прогнозирование, планирование, контроль, анализ и опреативное управление) с использованием общесезонных индикаторов.

**Степень использования.**Предложения диссертационной работы внедрены “Об экономическом совете района” в Кара-Суйском районе Ошской области, Сузакском районе Джалал-Абадской области и “Об экономическом совете айылного округа” в айылном округе “Ырыс” Сузакского района.

**Область применения:**Предложенный механизм регулирования управленческой системы аграрных предприятий различной формы и типов предоставляет возможность его использования для роста производства. Методологические подходы к управлению могут применяться не только в сельскохозяйственном производстве, но и в работе информационно-аналитических центров и соответствующих сетей.

**Summary**

**Omurzakov Satybaldy Ashimovich**

**Improvement of the regulation of the mechanism of management agricultures in market condition (on South region) Thesis on competition degree doctor of the economic sciences on professions 08.00.05 - an economy and management agricultures**

**Keywords**: market mechanism, mechanism of management, agrarian economic system, managing subjects, organization and development of management, information system, function of management, forecasting.

**Subject of the study**: development manaqemant mechanism agrarian economic system, corresponding to level of the society development and achievements in scientific-technical progress.

**Object of the study:** managerial system agrarian enterprise.

**Purpose of the study**: theoretical and methdological motivation of the development mechanism governing the agrarian economic system, answerring modern level of the development of market economies, is scientifically motivated offers on development of governing the agrarian economic system, providing production aqricultural products, capable to compete on internal and external market.

**Methods of the study**. In dissertation work are used economy-statistical, analytical, comparative, system and econometrical methods studies.

**Gotresults and their novelty**: is theoretically motivated market mechanism of efficient management agrarian production with provision for his(its) particularities; the conceptual scheme of the market structure of management agrarian enterprise is designed; the offered model of the market mechanism of management; the designed position on development regional management body; methdological is motivated structure of the information system, is argued integrating importance of the mechanism of governing the agrarian economic system; the definite sign and place forecast monitoring in managerial system of the agrarian economic system, is designed methods of his(its) using by by checking-studies; the offered algorithm of the seasonal approach and his(its) approbation in agrarian production at realization determined function (the forecasting, planning, checking, analysis and operast management) with use public indicator.

**Degree of the use.** The offers dissertation work are introduced "About economic advice of the region" in Kara-Suyskom region Oshskoy district, Suzakskom region Dzhalal-Abadskoy istrict and "About economic advice county area " in county area "Yrys" Suzakskogo region.

**Application:** Offered mechanism of the regulation of the management system agrarian enterprise different form and types gives a chance his(its) use for growing production. The methdological approaches to management can be used in agricultural production not only, but also in work information-analytical centre and corresponding to networks.

Басууга берилди 04.11.2013 ж.
Форматы 60х84 $_{1/16}$ Көлөмү 2,5 басма табак.
Нускасы 100 даана.. Заказ № 145.

«Бийиктик» басмасы.
Абдрахманов көчөсү 170 А. Тел. 0312 62-02-13